# “Билим берүү чөйрөсүндө сапаттын кепилдиги боюнча агентствосу «EdNet”

**520100 Химия**

**билим берүү программасын көз карандысыз аккредитациялоонун жыйынтыгы боюнча**

## ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН КОРУТУНДУСУ

**Окутуунун деңгээли: Бакалавриат**

**Ош мамлекеттик университети**

**Апрель, 2026**

**Мазмуну**

Билим берүү программасы жана аккредитациялоо процесси жөнүндө кыскача маалымат ..3

Программаны стандарттарга ылайык баалоо........................................................................7

1-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН МИССИЯСЫ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ. ...........................................................7

2-СТАНДАРТ. САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ ЖАНА СИСТЕМАСЫ. ..................9

3-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА ОКУУ НАТЫЙЖАЛАРЫ. ...........................................................................................................13

4-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУ, БЕКИТҮҮ ЖАНА АНЫН МАЗМУНУ, СТУДЕНТКЕ БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУГА ШАРТ ТҮЗҮҮЧҮ ОКУУ ПРОЦЕССИ. СТУДЕНТТЕРДИН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ ЖАНА БААЛАНЫШЫ. ........16

5-СТАНДАРТ. ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛАР КУРАМЫ. ..........................................21

6-СТАНДАРТ. ИНФРСТРУКТУРА, РЕСУРСТАР ЖАНА МАГИСТРАНТТАРДЫ КОЛДОО ..........................................................................................................................24

7-СТАНДАРТ: ОТЧЕТТУУЛУК, АЙКЫНДУУЛУК, МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУ ЖАНА АНЫН ИШЕНИМДҮҮЛҮГҮ. КООМЧУЛУКТУ МААЛЫМДОО. .......................27

*ББПнын артыкчылыктары* ......................................................................................31

*Сунушталган чаралар* ...............................................................................................32

*Милдеттүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар* ..................................................34

Тиркеме 1. Эксперттик комиссия мүчөлөрүнүн өмүр баяндары (био). ............................37

Тиркеме 2. Эксперттик комиссиянын билим берүү уюмуна болгон сапарынын программасы. .......................................................................................................38

Тиркеме 3. Окуу жыйынтыктарынын тизмеси. ................................................................40

Тиркеме 4. Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү тарабынан анализделген документтер менен иштердин тизмеси. .............................................................................41

## Билим берүү программасы жана аккредитациялоо процесси жөнүндө кыскача маалымат

**ББУ жөнүндө кыскача маалымат**

| | |
|---|---|
| **Уюмдун менчигинин формасы**<br>**Каттоо номери жана датасы** | Мамлекеттик<br>92413-3310-У-е, 20.06.2016 жыл |
| **Уюмдаштыруучу** | Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы |
| **ББУнун жетекчилиги** | Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич |
| **Аккредитациядан өтүүчү программа боюнча лицензиялык маалыматтар** | № D2018-0001 лицензиясына<br>№ 11 кошумча, мөөнөтсүз |
| **ББУнын миссиясы** | Жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүн ишке ашырууга көмөктөшүүчү заманбап адистерди даярдоо (Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 31-мартындагы № 7 отурумунун ПРОТОКОЛУ) |
| **ББУнын стратегиялык максаттары** | Университеттин келечектүү максаттары – ОшМУну классикалык университеттен дүйнөлүк деңгээлдеги изилдөө жана инновациялык университетке трансформациялоо.<br>Стратегиялык максат – Дүйнөнүн алдыңкы изилдөө университеттеринин ТОП-700үнө кирүү. ОшМУну Борбордук Азиядагы эң мыкты үч университеттин бирине айландыруу. |
| **ББУнун артыкчылыктары** | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы № 243 "Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын дараметин жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгы менен "Ош мамлекеттик университети" мекемесине өзгөчө статус ыйгарылды.<br>2023-2026-жылдарга карата "Ош мамлекеттик университетинин туруктуу өнүгүү модели" стратегиялык өнүктүрүү программасы<br>Ош мамлекеттик университетинин 2025–2026-окуу жылына карата комплекстүү өнүктүрүү планы<br>QS: Ош мамлекеттик университети (ОшМУ) дүйнөлүк туруктуу өнүгүү рейтингине кирди, QS тарабынан жарыяланган "Туруктуулук 2026" рейтинги дүйнө жүзү боюнча университеттердин айлана-чөйрөгө жана коомго тийгизген таасирин баалайт. QS Asia |

| | |
|---|---|
| | 2026 рейтинги: Ош мамлекеттик университети 22-орунду ээледи. |
| **ББУнун жана ББПнын студенттеринин жана ПОКтун контингенти** | ОшМУ боюнча жалпы студенттердин саны – 48284, жалпы |
| **ББУнун көмөкчү түзүмдүк бөлүмдөрү** | ПОК саны – 1727; |

**ББП жөнүндө кыскача маалымат**

| | |
|---|---|
| **Программанын аталышы** | Химия |
| **Программанын шифры** | 520100 |
| **Профилдин аталышы / концентрациялар** | Химиялык-экологиялык, криминалистикалык экспертиза |
| **Ыйгарылуучу даражалар, квалификациялар** | Бакалавр |
| **Факультеттин/департаменттин/ институттун аталышы** | Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институту |
| **Веб-сайтка шилтеме / аккредитацияланууучу программаны баракчасы** | https://ttatf.oshsu.kg/pages/page/15584 |
| **Факультеттин/департаменттин/ институттун уюштуруу структурасы (шилтеме)** | https://ttatf.oshsu.kg/ |
| **Даярдоо деңгээли** | Бакалавр |
| **ББПдагы кредиттердин саны** | 240 |
| **Дареги** | 714000, Ош шаары Н.Исанов көчөсү 77 |
| **Окутуу формасы** | Күндүзгү |
| **Окутуу тили** | Кыргыз, орус |
| **Өзүн-өзү баалоо жүргүзүүнүн даталары** | Октябрь 2025 – март 2026-ж. |
| **ББУга эксперттик комиссиянын сапарынын даталары** | 6-7 апреля 2026 |
| **Программанын жетекчиси/ кафедра башчысы** | Гаффорова Хилола Икрамовна |
| **Биринчи аккредитациянын датасы** | 2021-жыл, май айы |

Эксперттик комиссиянын курамы 2026-жылдын 23 март күнү бекитилген. Комиссия курамындагы эксперттердин квалификациялары менен ББУнун ортосундагы кызыкчылыктардын кагылышуусу болбогондугу алдын ала макулдашылган. Комиссия курамы:

1. **Пулатова Гульнара Тулановна,** экономика илимдеринин кандидаты, доцент, Батырали Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин Окуу бөлүмүнүн башчысы, EdNet агенттигинин сапатты камсыздоо системасы боюнча эксперти;
2. **Жакшылыкова Тинатин Азискановна,** «Психология» кафедрасынын башчысы, «Ала-Тоо» эл аралык университети, улук илимий кызматкер;

3. **Хан Надежда Романовна,** философия илимдеринин кандидаты, Италиянын Рим шаарындагы Антонианум университетинин профессору, Борбор Азия өлкөлөрүн изилдөөчү “Faith and Reason” илимий институтунун эксперти;
4. **Дуйшо кызы Нуржан,** саясий илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ж. Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу Академиясынын Магистратура программасынын доценти;
5. **Койчуманова Чолпон Урушбековна,** тарых илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын мүчө-корреспонденти, И. Арабаев атындагы КМУнун Э.Ж. Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институтунун директору;
6. **Онкошова Гульнара Калмаковна,** Көп функциялуу "Гармония" коомдук бирикмесинин жетекчиси;
7. **Арынова Наргиза Сапаралиевна,** экономика илимдеринин кандидаты, Батырали Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин билим берүүнүн сапатын камсыздоо жана мониторинг бөлүмүнүн башчысы, EdNet агенттигинин сапатты камсыздоо системасы боюнча эксперти;
8. **Садырова Гулзат Камчыбековна,** К.Скрябин атындагы Кыргыз Улуттук Агрардык Университетинин Сапат, аккредитация жана лицензиялоо бөлүмүнүн башчысы. EdNet агенттигинин сапатты камсыздоо жана аккредитациялоо боюнча эксперти;
9. **Нургалиева Алмагуль Шаймуратовна,** экономика илимдеринин кандидаты, профессор, С. Сейфуллин атындагы Казак агротехникалык изилдөө университетинин академиялык маселелер боюнча департаментинин директорунун орун басары;
10. **Нарынгуль Маргазиева,** PhD, доценттин милдетин аткаруучу, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин туризм факультетинин деканынын орун басары;
11. **Мусабекова Зинат Ракымовна,** химия илимдеринин кандидаты, доцент, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин химия жана химиялык технология факультетинин ЮНЕСКО физикалык жана коллоиддик химия кафедрасынын башчысы;
12. **Шаршеев Эрмек Сабырович,** техникалык илимдердин кандидаты, доцент, Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин Архитектура, дизайн жана курулуш факультетинин «Экология жана өзгөчө кырдаалдарда коргонуу» кафедрасынын доценти;
13. **Сулайманова Майрамгул Азизбековна,** А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин «Химия» багыты боюнча ТТГФ тобунун 4-курс студенти.

EdNet агенттиги тарабынан эксперттик комиссияны координациялоо ишин Ч.М.Махмудова жүргүздү.

Стандарттар жана программа жалпысынан EdNet агенттигинде атайын бекитилген баа берүү шкаласы аркылуу жүргүзүлдү:

- **толугу менен туура келет**
- **көп даражада дал келет**
- **жарым жартылай туура келет**
- **туура келбейт**

*Ошентип, эксперттик комиссия ар бир стандарт үчүн программага төмөнкүдөй баа берди:*

| | |
|---|---|
| *1-стандарт. ББУнун миссиясы жана билим берүү программасынын өнүгүү стратегиясы.* | ***Көп даражада дал келет*** |
| *2-стандарт. ББПнын сапат кепилдигинин саясаты жана системасы.* | ***Көп даражада дал келет*** |
| *3-стандарт. Билим берүү программасын окутуунун максаты жана натыйжалары.* | ***Көп даражада дал келет*** |
| *4-стандарт. Билим берүү программасынын иштелмеси, мазмуну жана бекитилиши жана студентке багытталган окутууга өбөлгө болуучу билим берүү процесси.* | ***Жарым-жартылай дал келет.*** |
| *5-стандарт. Профессорлук-окутуучулук курам.* | ***Көп даражада дал келет*** |
| *6-стандарт. Инфраструктура, ресурстар жана студенттерди колдоо.* | ***Көп даражада дал келет*** |
| *7-стандарт. Башкаруу, маалыматтын ачык-айкындыгы жана ишенимдүүлүгү. Коомчулукка маалымат берүү.* | ***Көп даражада дал келет.*** |

Эксперттик комиссиянын бардык мүчөлөрү баалоо EdNet агенттигинин стандарттарына жана агенттикти аккредитациялоо саясатына ылайык жүргүзүлгөндүгүн жана бул отчетто берилген баалоонун жыйынтыктары боюнча тыянактар чындыкка дал келерин жана коомчулукка толук таянууга боло турган, объективдүү жана калыс маалымат бере тургандыгын тастыкташат жана Агенттиктин аккредитациялоо боюнча кеңешине чечим кабыл алуу үчүн кароого сунуштарын беришет.

*2026 жылдын 30 апрелиндеги №СА-16 Протоколго ылайык EdNet Агенттигин Аккредитациялоо боюнча кеңештин чечими 5 (беш) жыл мөөнөткө укук берет***.**

Программаны стандарттарга ылайык баалоо

# 1-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН МИССИЯСЫ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ.

| |
|---|
| ***Стандарттын аныктамасы*** <br><br> ***Бул стандартка ылайык, билим берүү уюмунун так аныкталган Миссиясы болушу керек. Билим берүү уюмунун миссиясы жалпыга маалым болушу керек. Билим берүү программасын өнүктүрүү боюнча иштелип чыккан стратегия Билим берүү уюмунун миссиясын ишке ашырууга көмөктөшүүгө тийиш.*** |
| ***Стандартка Колдонмо*** <br> *Уюмдун миссиясы ар бир билим берүү мекемесинин стратегиялык өнүгүү планынын эң маанилүү бөлүгү болуп саналат. Ал ишмердүүлүктүн негизги максатын аныктайт. Адатта, билим берүү уюму өз ишин так миссияны аныктоо менен баштайт, бул ички стейкхолдерлерди багыттап, аларга өз алдынча, ошол эле учурда жалпы максаттарга жетүү үчүн жамааттык түрдө иштөөгө мүмкүнчүлүк берет.* <br> *Миссия келечекке болгон умтулууну чагылдырат, эмнеге аракет жумшала турганын жана кайсы баалуулуктарга артыкчылык берилерин көрсөтөт. Уюмдун миссиясы жана максаттары билим берүү уюмунун өнүгүүсүнүн негизги багытын аныктайт. Миссияга ылайык ар бир билим берүү мекемеси үчүн өнүгүү стратегиясы жана стратегиялык өнүгүү планы иштелип чыгат.* <br> *Билим берүү программасын өнүктүрүү стратегиясы – бул билим берүү программасын өнүктүрүүнү башкаруу боюнча чаралар системасы, ал узак мөөнөттүү артыкчылыктарга негизделет. Өнүктүрүү стратегиясы максаттарды коюуну, ал максаттарга жетүү үчүн иш-аракеттерди аныктоону жана бул иш-аракеттерди ишке ашыруу үчүн зарыл болгон ресурстарды мобилизациялоону камтыйт. Билим берүү программасынын стратегиялык өнүгүү планы программанын максаттарына жетүү үчүн бар ресурстарды кандайча пайдалануу керектигин сүрөттөйт.* |

***Жалпы баа***

Ош мамлекеттик университетинин миссиясы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 31-мартындагы № 7 жыйынынын чечими менен кабыл алынган жана ал төмөндөгүдөй аныкталган: ОшМУнун миссиясы – жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ болгон жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуучу заманбап адистерди даярдоо. Миссия бардык кызыкдар тараптар үчүн, анын ичинде ПОЖго, билим алуучуларга ОшМУнун маалымат каражаттары, веб-сайты жана университеттин ичиндеги дубал тактайчалар аркылуу жеткиликтүү.

ОшМУ 2023-2026-жылдарга карата так аныкталган “Ош мамлекеттик университетинин туруктуу өнүгүү модели” стратегиялык өнүгүү программасына ээ.

(ОшМУнун ОКнын 2023-жылдын 20-январындагы № 5 протоколу). ОшМУнун приоритеттүү сртратегиялык максаты - дүйнөлүк алдыңкы изилдөөчү ТОП -700 университеттердин катарына кирүү жана Борбордук Азиядагы эң мыкты 3 окуу жайдын бирөөсү болуу.

АБК, ПОЖ окуу жайдын миссиясы боюнча маалыматка ээ жана миссияны ишке ашыруу боюнча милдеттерин так билишет. Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун окутуучулук курамы менен маектешүү учурунда ПОЖ ОшМУнун стратегиялык максаттарын жогорку денгээлде өздөштүргөнүн жана аларды билим берүү программасынын алкагында ишке ашырууда активдүү катышып жатышканын көрсөтүштү. Бирок маектешүү учурунда белгилүү болгондой айрым студенттердин университеттин миссиясы жана стратегиялык өнүгүү планы менен тааныштыгы жок экендиги аныкталды. Студенттерди окуу жайдын миссиясы жана стратегиялык максаттарын ишке ашыруу боюнча программалык денгээлде аткарылып жаткан иш-чараларга активдүү тартып, алардын аткарылышы боюнча жүргүзүлгөн талкууларга катыштыруу мүмкүнчүлүктөрүн карап чыгуу керектиги аныкталды.

Өздүк отчетто 520100. Химиялык-экологиялык криминалистикалык экспертиза профили боюнча студенттерди даярдоодогу ББПны өнүктүрүү иш чаралары, ОшМУнун миссиясын ишке ашыруудагы стратегиялык өнүгүү планынын, концепциялардын негизинде жүргүзүлөт деп көрсөтүлгөн, бирок 520100 Химия багыты боюнча ББПнын стратегиялык өнүгүү планы 2022-2027-жылдар үчүн иштелип чыккан. Ал эми Университеттин миссиясы, Стратегиялык өнүгүү программасы 2023-жылы кайрадан кабыл алынган. Билим берүү программасын университеттин стартегиялык өнүгүү планына шайкеш келтирүү багытында, программанын өнүктүрүү планын кайра карап чыгуу иштери жүргүзүлгөн эмес.

ББПнын стартегиялык планын ишке ашырылышын жылдык отчетторунун негизинде баалоого мүмкүнчүлүк болгон жок, себеби эксперттик комиссияга программанын стратегиялык планын аткарылышы боюнча мониторингдин жыйынтыктарын, кафедранын жылдык отчетторун көрсөтө алышкан жок.

***Артыкчылыктары:***

1. ББУнун миссиясы компетенттүү кесипкөй адистерди даярдоо принциптерин эске алуу менен так, ачык айкын иштелип чыккан жана ал окуу жайдын маалымат каражаттары аркылуу бардык кызыкдар тараптер үчүн жеткиликтүү.
2. ББУнун туруктуу өнүгүү моделине, билим берүү кызматтарын модернизациялоого жана эл аралык интеграцияга багытталган стратегиялык өнүгүү планы кабыл алынган.

***Сунушталган чаралар:***

1. Билим берүү программасынын стратегиялык өнүгүү планын ББУнун стратегиялык өнүгүү планына шайкеш келтирип, иштеп чыгуу жараянына ички жана сырткы кызыкдар тараптарды тартуу менен кайрадан карап чыгуу;
2. Иш берүүчүлөр жана студенттердин арасында окуу жайдын миссиясын, стратегиялык өнүгүү паланын тааныштуруу жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
3. Миссиянын жана стратегиялык өнүгүү планынын ишке ашырылуусу боюнча сапаттык көрсөткүчтөрдү так аныктап чыгуу;

4. Билим берүү программасынын стаатегиялык өнүү планынын ишке ашыруудагы индикаторлорду так аныктап чыгуу жана алардын аткарылышы боюнча мониторинг жүргүзүү механизмдерин күчөтүү.

***Милдетүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар:***

1. Ар бир окуу жылынын аягында ББПнын стратегиялык өнүгүү планынын аткарылышы боюнча мониторинг жүргүзүп, алынган жыйынтыктарды эске алуу менен стратегиялык өнүгүү планынын өзгөртүү зарылдыгы болсо, аны эске алуу менен кайра карап чыгуу жана иштеп чыгуу;
2. Билим берүү программасын өнүктүрүү боюнча стратегиялык максаттарын туруктуу баалоо жүргүзүү жана кайра карап чыгуу жараяндарында иш берүүчүүөрдү, студенттерди тартуу.

***Комиссиянын Стандарт 1 боюнча чечими – билим берүү программасынын ишмердүүлүгү EdNet агенттигинин ушул стандартына: Көп даражада дал келет.***

## 2-СТАНДАРТ. САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ ЖАНА СИСТЕМАСЫ.

***Стандарттын аныктамасы***

*Бул стандартка ылайык, билим берүү программасы академиялык сапатты камсыздоо саясатына жана системасына карата талаптарды аныктап, анын түзүлүшү жана ишке ашырылышы боюнча сапатты кепилдөө механизмдерин камтышы керек. Сапатты кепилдөө тутумуна ылайык, билим берүү уюму сапатты тыштан камсыздоо процедураларын үзгүлтүксүз негизде өткөрүп турууну жана ББПны тынымсыз өркүндөтүүнү караштырат.*

*Ички кызыкдар тараптар бул саясатты тышкы стейкхолдерлерди тартуу менен тиешелүү структуралар жана процесстер аркылуу иштеп чыгышы жана ишке ашырышы керек.*

*Билим берүү уюму программаларды көзөмөлдөөнү жана мезгил-мезгили менен карап чыгууну ишке ашыруусу зарыл. Бул аракеттер коюлган максаттарга жетүүнү жана студенттер менен коомдун муктаждыктарына ылайык келүүнү камсыз кылат. Карап чыгуу жыйынтыктары программаларды үзгүлтүксүз жакшыртууга багытталган болушу керек. Ар кандай пландалган иш-аракеттер же алынган жыйынтыктар бардык кызыкдар тараптарга маалымдалышы зарыл.*

*Программаны ишке ашыруу процессинде академиялык эркиндик жана академиялык чынчылдык принциптери сакталышы керек. ББПнын ички кызыкдар тараптары сапатты кепилдөө үчүн биргелешкен жоопкерчиликти сезишет.*

*Билим берүү программасын ишке ашыруу алкагында билим берүү программасынын Окуу натыйжаларынын максаттары менен мазмунун кайра карап чыгуу жана өзгөртүүлөрдү киргизүү механизми, ошондой эле Окуу натыйжаларына жетүү жана*

| |
|---|
| *билим берүү программасын өркүндөтүү үчүн окуу процессин мониторинг кылуу, баалоо жана оңдоо механизми аныкталышы керек.*<br><br>*Программаны ишке ашыруу учурунда бардык кызматкерлердин ишинин натыйжалуулугун тийиштүү баалоо камсыз кылынат жана профессордук-окутуучулар курам менен административдик персоналдын компетенттүүлүгүн жана ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө, баалоо жана өркүндөтүү механизми иштейт.*<br><br>*Ички кызыкдар тараптардын канааттануу деңгээлин баалоо механизмдери ББП сапатын жакшыртууга багытталган.* |
| ***Стандартка Колдонмо***<br><br>*Саясат жана процесстер билим берүү уюмунун сапатты камсыздоо тутумунун негизги өзөгүн түзөт, бул үзгүлтүксүз өркүндөтүү цикли болуп саналат жана билим берүү уюмунун жоопкерчиликтүүлүгүн камсыздоого көмөктөшөт. Булардын бардыгы билим берүүнүн сапаты үчүн жоопкерчиликти бардык ички кызыкдар тараптар өзүнө алган жана окуу жайдын бардык деңгээлдеринде сапатты камсыздоо процесстерине катышкан сапат маданиятын өнүктүрүүгө колдоо көрсөтөт. Бул процессти илгерилетүү үчүн саясат расмий макамга ээ жана коомчулук үчүн жеткиликтүү.*<br><br>*Сапатты камсыздоо жаатындагы саясат билим берүү уюму иш алып барган улуттук контекстти, ошондой эле окуу жайдын ички контекстин жана анын стратегиялык жолун эске алуу менен илимий изилдөөлөр, окутуу жана үйрөтүүнүн ортосундагы байланышты чагылдырып, дагы натыйжалуу болот.*<br><br>*Билим берүү программаларын үзгүлтүксүз мониторинг кылуу, карап чыгуу жана кайра иштеп чыгуу натыйжалары программаларды үзгүлтүксүз жакшыртууга алып келиши керек.*<br><br>*Билим берүү уюму/Билим берүү программасы мыйзамдарга ылайык, белгиленген мезгилдерде сапатты тышкы камсыздоо процедураларына катышууга тийиш.*<br><br>*Билим берүү уюму/Билим берүү программасы сапатты тышкы камсыздоонун акыркы процедурасынан бери жетишилген прогрессти кийинки процедурага даярданууда эске алуу үчүн аракет кылууга тийиш.* |

***Жалпы баа***

Стандартты талдоо көрсөткөндөй ОшМУда 2023-жылдын 11-августунда кабыл алынган № 179 КРнын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын талаптарына төп келген, окуу жайдын стратегиялык өнүгүүсү менен айкалышкан билим берүүнүн сапатынын ички жана сырткы баалоосун шарттаган сапат кепилдигинин системасы ишке киргизилген.

Институционалдык деңгээлде окуу жайдын билим берүү жараянынын сапатын үзгүлтүксүз жакшыртуу, билим берүүнүн сапатына көзөмөл, мониторинг жүргүзүү, бүтүрүүчүлөрдү сапаттуу даярдоо боюнча түзүмдөрдүн ишмердүүлүгүн жыйынтыктарын баалоо, билим берүү жараянын окуу-усулдук, материалдык, маалыматтык

камсыздалышынын сапатына экспертиза жүргүзүү жана сапат кепилдигин камсыздоо аспектилерин ишке ашыруу үчүн университетте Академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгы, окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмү ОшМУнун сапат айдыңындагы саясатынын негизинде иш алып барат. ОшМУ билим берүүнүн сапатынын кепилдигин камсыздоодо Билим берүүнүн сапатын башкаруу системасынын процесстеринин реестери иштелип чыгып, 2025-жылдын 29-декабрында ОКда кабыл алынып, бекитилген.

Түзүмдө билим берүүнүн сапатын камсыздоо жоопкерчилиги түздөн түз Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун директоруна жана кафедра башчысына жүктөлгөн. БПны ишке ашыруунун сапатын камсыздоону инститтуттун жетекчилиги жана окуу-усулдук кеңеши координациялайт. Ал эми БПны ишке ашырууда сапатты камсыздоо ОИ боюнча проректору жана академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгы тарабынан көзөмөлгө алынат.

Сапатты камсыздалышын көзөмөлгө алуу окуу жылынын ичинде сабактарга катышуу, окуу жараянын жүрүшүн пландуу текшерүү, кызыкдар тараптар арасында окуу жайдын билим берүү жараянына канааттануусун баалоо максатында жүргүзүлгөн сурамжылоолор аркылуу, окутуунун жыйынтыктарын чыгаруу (кышкы, жайкы сессия) учурунда ишке ашырылат.

Окуу жайда сапатты камсыздоо багытында студенттер арасында окуу жайдын билим берүү ишмердүүлүгүнө канааттануусун аныктоо “Студенттердин ОшМУда билим алууга жана билим алуу шарттарына канааттануусуна мониторинг” жөнүндө жобосунун негизинде жүргүзүлөт. Мындан сырткары ушул эле максатта ата-энелердин, иш берүүчүлөрдүн арасында да анкетирлөө өткөрүлөт. Сурамжылоонун жыйынтыгы менен аналитикалык отчеттор даярдалган. Бирок сурамжылоонун жыйынтыгы менен кызыкдар тараптар тарабынан ББП ишке ашырууда белгиленген кемчиликтерди жоюу, сунуштарды ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планы иштелип чыккан эмес. мындан сырткары ПОЖ менен маектешүү учурунда белгилүү болгондой окутуучулар үчүн окуу жайдын жетекчилигине сунуштар, окуу жайдын ишмердүүлүгүн жакшыртуу боюнча пикирлерин, сунуштарын жеткирүү боюнча атайын окуу жайдын сайтында “Ишеним кутуча” ишке киргизилген, бирок бул чат аркылуу бардык эле учурда жеке пикирлерин толук билдире албастыктарын белгилеп өтүштү.

Өздүк отчетто НББПнын түзүү эмгек рыногунун шарттарына ылайык, иш-берүүчүлөр сунуштаган дисциплиналар боюнча тандоо курстарынын каталогу иштелип чыгат деп көрсөтүлгөнү менен, талдоого алынган тастыктоочу документтерде, кафедранын жыйналыштарынын протоколдорунда иш берүүчүлөр тарабынан сунушталган конкреттүү дисциплина боюнча маалымат көрө алган жокпуз. Ал эми 520100. Химия багытынын химиялык-экологиялык, криминалистикалык экспертиза профилинин НББПнын тандоо курстарынын каталогу ОшМУнун Элективдик курстарды уюштуруу жана өткөрүү жобосуна ылайык иштелип чыккан эмес. Тандоо курстарынын каталогуна киргизилген дисциплиналар боюнча каталогдо маалымат (окутуунун натыйжасы, калыптануучу компетенциялар, кредиттин саны ж.б.) киргизилген эмес. Студенттер менен болгон маектешүүдө белгилүү болгондой студенттер үчүн тандоо курстарын тандоо процедурасы окуу жылынын башында (2025-2026-окуу жылы үчүн август айында) кыскача видеоролик

түрүндө даярдалган презентацияларды көрсөтүү аркылуу жүргүзүлөт. Студенттер өздөрүнүн талаптарына жараша курстарды тандоо укугуна ээ экендигин белгилешти.

Билим берүү программасы академиялык эркиндик жана академиялык чынчылдык принциптеринин негизинде ишке ашырылат. Билим берүү жараянында окутуучулар жана студенттер тарабынан билим берүүнү камсыз кылган материалдарды иштеп чыгууда (жумушчу программалар, силлабустар, окутуу материалдары, студенттердин өз алдынча иштеринин жыйынтыктары ж. б.) антиплагиат системасы ишке киргизилген. Студенттер менен маектешүү учурунда билим берүүнун сапатын жогорулатууда студенттер, иш берүүчүлөр окуу жараянында практиканын көлөмүн көбөйтүү, иш ордунда окутуу практикасын киргизүү, дуалдык окутуу системасын ишке ашырып, насаатчылык ишмердүүлүгүн өндүрүштүк базада ишке ашырууну жана химиялык-экологиялык экспертиза жүргүзүүдө практикалык компетенцияларды толук кандуу камсыздандыруу максатында заманбап лабораториялык жабдуулар менен камсыздоону жана адистиктин (багыттын) учурдагы эмгек рыногунун шартындагы актуалдуулугун жогорулатууну сунушташты.

Өздүк баалоону жүргүзүүнүн жыйынтыгында берилген өздүк отчетто дагы, эксперттик комиссиянын иш сапары учурунда дагы ББПнын сапатын камсыздоо боюнча тышкы баалоодон НББПы өткөрүп туруу процедураларын ишке ашыруу боюнча тастыктоочу документтерди (ББПга рецензия, эксперттик корутундулар ж.б.) көрсөтө алышкан жок.

Эксперттик комиссия ББУ тарабынан камсыздалган тастыктоочу документтерди талдоого алып төмөнкүлөрдү тасктайт: ББУда ПОЖдун жана кызматкерлердин ишмердүүлугун жыйынтыктарын баалоо системасы (KPI) ишке киргизилген, компетенттүлүктү жогорулатуу механизмдери толук кандуу ишке ашырылып жатат, ББПда кызыкдар тараптардын канааттануусун баалоо механизмдери иштеп жатат, билим берүү ишмердүүлүгү академиялык эркиндик жана академиялык чынчылдык принциптери аркылуу ишке ашырылат жалпысынан институционалдык деңгээлде сапатты камсыздоо боюнча сапатты кепилдөө системасы жогорку деңгээлде ишке ашырылган, ал эми программалык денгээлде бул багытта ББУнун сапатты камсыздоо саясатын ишке ашыруу багытында ишмердүүлүктү күчөтүү керек.

***Артыкчылыктары:***

1. Сапатты камсыздоо боюнча атайын бекитилген саясаты бар жана сапат кепилдигин камсыздоо боюнча институционалдык денгээлде мониторинг механизми иштейт;
2. Билим берүү программасынын алкагында ПОЖ жана студенттер академиялык эркиндик жана академиялык чынчылдык принциптерин карманышат.

***Сунушталган чаралар:***

1. Студенттерди, иш берүүчүлөрдү сапатты камсыздоо системасын өнүктүрүү жана ББПнын стратегиялык өнүгүүсү боюнча ар кандай талкууларда, тегерек столдорго катышуусунун активдүүлүгүн жогорулатуу;
2. Программалык деңгээлде сапатты камсыздоо боюнча иш-чаралардын планын иштеп чыгуу этабыан баштап, аларды ишке ашырууда жана бул багытта кабыл алынган чечимдер боюнча бардык кызыкдар тараптарга жеткирүү механизмдерин иштеп чыгуу;

3. Баалоонун бардык формаларынын интеграциясын камсыз кылуу багытында сапат көрсөткүчтөрүнө мониторинг жүргүзүүнү санариптештирүү;
4. Сурамжылоолордун жыйынтыгын жөн гана отчеттоо менен чектелбестен, аныкталган кемчиликтерди жоюу жана кызыкдар тараптардын сунуштарын ишке ашыруу үчүн конкреттүү "Жол картасын" же иш-чаралар планын иштеп чыгуу.

***Милдетүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар:***

1. Билим берүү программасынын стратегиялык планынын сапатты камсыздоо боюнча пункттарын ишке ашыруу үчүн окуу жараянына практикага багыттап окутуу, иш оруңдарында окутуу элементтерин киргизүү. Студенттерди реалдуу жумуш шарттарына даярдоо, практикалык көндүмдөрүн окуу мезгилинде калыптандырып, теория менен практиканы натыйжалуу айкалыштыруу менен практикалык жактан даяр адис катары калыптануусун камсыздоо. Иш берүүчүлөр менен кызматташтыкты күчөтүү менен дуалдык окутууну ишке ашыруу боюнча иштерди күчөтүү.

***Комиссиянын Стандарт 2 боюнча чечими – билим берүү программасынын ишмердүүлүгү EdNet агенттигинин 2 стандартына: Көп даражада дал келет***

## 3-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА ОКУУ НАТЫЙЖАЛАРЫ.

| |
|---|
| ***Стандарттын аныктамасы*** <br><br> *Бул стандартка ылайык, билим берүү программасы так аныкталган жана бекитилген окуу Максаттарын жана Натыйжаларын камтышы керек, алар билим берүү программасынын стейкхолдерлеринин (керектөөчүлөрдүн/кызыкдар тараптардын) талаптарын жана суроо-талаптарын эске алып, билим берүү уюмунун миссиясына шайкеш келиши зарыл.* <br><br> *Окуунун натыйжалары деп, билим берүү программасын аяктагандан кийин студенттин билимин, жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн колдонуу жөндөмдүүлүгүн (компетенцияларын) түшүнүүгө болот.* <br><br> *Окуунун натыйжалары билим берүү программасынын максаттарына, квалификациялардын улуттук алкагына жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына шайкеш келиши жана жооп бериши зарыл.* |
| ***Стандартка Колдонмо*** <br><br> *Окуу Максаттары жана окуу Натыйжалары билим берүү программасын өнүктүрүүнүн негизги түзүүчү бөлүктөрүнүн бири болуп саналат. Стейкхолдерлердин, айрыкча иш берүүчүлөрдүн, окуу максаттарын жана окуу Натыйжаларын түзүүгө катышуусу көз карандысыз аккредитациянын негизги талаптарынын бири болуп* |

*эсептелет. Билим берүү программасы күткөн окуу Натыйжаларына жетишилгенин жана билим берүү программасынын окуу процессинин натыйжага багытталгандыгын көрсөтүүгө тийиш.*

*Окуу Максаттары жана окуу Натыйжалары жогрку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарга каршы келбейт, тескерисинче, алардын өркүндөтүлүшүнө өбөлгө түзөт.*

*Окуу Натыйжалары аркылуу билим берүү программасы өзүнүн уникалдуулугун конкреттүү билим берүү уюмунда көрсөтө алат.*

***Жалпы баа***

Эксперттик комиссия университеттин өзүн-өзү баалоо отчетун жана ага тиркелген документтерди карап чыгып, маектешүүлөрдү жүргүзүп, 3-стандарт "Билим берүү программасынын максаттары жана окуу натыйжалары" стандартын баалады. Бул иштин натыйжасында комиссия программанын максаттары жана окуу натыйжалары EdNet аккредитация агенттигинин стандарттарына шайкеш келүү боюнча тышкы жана ички кызыкдар тараптардын талаптарына негизделген деген тыянакка келди. Комиссия өзүн-өзү баалоо отчетун, ошондой эле Google дискте тиркелген документтерди (стандартты, протоколдорду, окуу пландарды, окутуучулар жана студенттер жөнүндө маалыматтар жана башка кошумча документтерди) карап чыкты. Тилекке каршы, өзүн-өзү баалоо отчетто жана Google дисктеги алдын ала даярдалган материалдардын айрым тастыктоочу документтердин бекитилбегендигии, тастыкталбагын аныкталды. Акыркы тыянактарга жетүү үчүн эксперттик комиссия көптөгөн тастыктоо материалдарды кошумча суроого мажбур болду. Иштөө процессинде комиссия аккредитацияланууч программанын өкүлдөрү, анын ичинде административдик жана башкаруу персоналдар, окутуучулар, студенттер жана жумуш берүүчүлөр менен офлайн маектешүүлөрдү өткөрдү. Жогоруда айтылган аракеттердин натыйжасында, комиссия программанын иш-аракеттери жалпысынан сунушталган стандартка ылайык келерин аныктап чыкты. Аккредитацияланууч программа кызыкдар тараптар менен (стейкхолдерлер менен) кызматташуусунун тастыктоо документтерин берди жана алардын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн алар сунуштаган дисциплиналарды окуу планына киргизүү боюнча кафедранын отурумунда талкуулап, анын чечимдери боюнча протоколдорун көрсөтүштү.

Окуу планына эмгек рыногунун талаптарын канааттандыруу масатында талап кылынган дисциплиналарды киргизүү боюнча кафедрада (2023-жылдын 15-мартындагы №7-жыйынында) талкууланып, жалпы жыйындын чечими менен: «Химик-эксперт криминалист» адистигинин окуу планына жумуш берүүчүлөр тарабынан сунушталган «Токсикологиялык химия» жана «Заманбап эксперттик изилдөөлөрдүн методдору» дисциплиналары киргизилсин жана бекитилсин деген чечим кабыл алынып НББПга киргизилген

Жумуш берүүчүлөр менен жолугушууларда бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын эмгек рыногунун күтүүлөрүнө жана талаптарына шайкеш келтирүүгө байланыштуу маселелер, жумуш берүүчүлөр менен өз ара аракеттенүү ыкмаларын кеңейтүү,

стажировкаларды жана практикалык окутуу мүмкүнчүлүктөрүнүн чөйрөсүн кеңейтүү боюнча маселелер айтылды. Иш берүүчүлөр ББПны ишке ашырууда дуалдык окутууну ишке ашырып, өндүрштө студентке насаатчылык ишмердүүлүгүн ишке ашыруу сунуштарын билдиришти. ОшМУда насаатычылык ишин жүргүзүү жобосу ишке киргизилген, бирок бул жобо ПОЖ үчүн гана каралган. Маектешүү учурунда иш берүүчүлөр "Насаатчы" программасын ишке киргизүүнү, тактап айтканда бүтүрүчү студенттерди окуу жыл башында жумуш-ишканасындагы кесипкөй адиске бекитип, дуалдык окутууну ишке ашырууну сунушташты. Насаатчы программасы дуалдык окутуу программасын ишке ашырууда дагы чоң көмөк көргөзмөк.

ОшМУ озгөчө макам алгандыгына байланыштуу билим берүү стандарттарын өздөрү иштеп чыгышат. 520100 Химия багыт боюнча 2025-жылдын июль айында университеттин Окумуштуулар кеңешинин отурумунда жаңы билим берүү стандарты кабыл алыныптыр, бирок жаңы стандартка ылайык билим берүү программасы даяр эместигине байланыштуу окуу процесси 2021-жылы кабыл алынган Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык жүргүзүлөрүн белгилеп кетишти. 520100. Химия багыты боюнча бүтүрүүчү НББПнын максаттарына жана ЖКББнын мамлекеттик билим берүү стандарттынын 3.4 жана 3.8- пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөндөгү компетенцияларга ээ болушу керек: жалпы илимий; инструменталдык; социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар; кесиптик компетенциялар. Жалпысынан алганда, программанын максаттары аныкталган, ОшМУ миссиясына жана программага шайкеш келет жана КР стандартынын талаптарына жана кошумча компетенцияларды камтыган улуттук квалификациялык алкакка жана программанын максаттарына шайкеш келет. Окутуучулар окуунун натыйжаларын жана башка окутуучулар менен кызматташууда аларга кантип жетишкенин түшүнүшкөнүн көрсөтүштү.

***Артыкчылыктары:***

1. Программанын ишмердүүлүгү жалпысынан 520100 «Химия» багыты боюнча НББПнын максаттарына жана ЖКББнын мамлекеттик билим берүү стандарттына ылайык келет
2. ББП боюнча кадрларды даярдоону эмгек рыногунун суроо-талабына шайкеш келетирүүдө иш берүүчүлөрдүн, социалдык өнөктөштөрдү сунуштары үзгүлтүксүз талдоого алынат;
3. Бул программаны аяктагандан кийин, бүтүрүүчүлөр бул тармактагы магистратура программасында окуусун уланта алышат.

***Сунушталган чаралар:***

1. Тышкы кызыкдар тараптардын муктаждыктарына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү, ББПнын окуу пландарын эмгек рыногунун талаптарына ылайыктап, зарыл болсо, окуу планына өзгөртүүлөрдү киргизүү. Мисалы практикалардын жүктөмдөрүн карап чыгып, дуалдык окутуу системасын, өндүрүштөгү насаатчы программасын ишке ашырып, аны укуктук жактан бекитип берүү ("Өндүрүштөгү насаатчы" жобосун иштеп чыгуу аны ишке ашыруу).
2. ББП боюнча жаңы иштелип чыккан билим берүү стандарты менен окуу жараянын алып барууда, окутуунун натыйжаларын стандартка дал келтирүү, жана ишке

ашуучу, реалдуу окуу натыйжаларын иштеп чыгуу (Мисалы: 3-ОН. Сергек жашоого, жаратылышты коргоого, ресурстарды сарамжалдуу пайдаланууга зарыл болгон билимин колдоно билет, илимий изденүүчүлүк менен долбоорлордо иштөөгө, айлана-чөйрөгө таасир этүүчү химиялык препараттарга коопсуз мамиле жасоого, мүмкүн болгон тобокелчиликтерди баалоого жөндөмдүү).

***Милдетүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар:***

1. 520100 Химия багыты, ал эми профиль Химиялык-экологиялык, криминалистикалык экспертиза болгондуктан 7-ОН ылайык химиялык-экологиялык багытка көңүл буруу менен окуу планына өзгөртүү киргизип, экологияга, экологиялык экспертизага тиешелүү дисциплиналарды кошуу керек;

2. Окуу планындагы жана силлабустардын сааттарын бири бирине шайкеш келтирип, акыркы жылдардагы басылып чыккан, учурда актуалдуу деп саналган окуу адабияттарды колдонуу.

***Комиссиянын Стандарт 3 боюнча чечими – билим берүү программасынын ишмердүүлүгү EdNet агенттигинин ушул стандартына: Көп даражада дал келет***

## 4-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУ, БЕКИТҮҮ ЖАНА АНЫН МАЗМУНУ, СТУДЕНТКЕ БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУГА ШАРТ ТҮЗҮҮЧҮ ОКУУ ПРОЦЕССИ. СТУДЕНТТЕРДИН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ ЖАНА БААЛАНЫШЫ.

***Стандарттын аныктамасы***

***Бул стандартка ылайык, билим берүү уюмдары өз программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү процедураларына ээ болушу керек. Билим берүү программалары белгиленген максаттарга ылайык иштелип чыгышы зарыл.***

***Билим берүү программасынын түзүмү жана мазмуну Окуу натыйжаларын камсыздоого тийиш. Билим берүү программасынын ичинде дисциплиналар жана алардын логикалык ырааттуулугу так аныкталган, кредиттердин саны Билим берүү программасынын алкагында белгиленген дисциплиналарга туура келет.***

***Колдонулган окутуу формалары жана ыкмалары, ишке ашырылып жаткан Билим берүү программасы бардык студенттердин Окуу натыйжаларына жетишүүсүнө кепилдик бериши керек.***

***Программаны өздөштүрүүнүн натыйжасында алынган квалификация так аныкталып жана түшүндүрүлүп, улуттук квалификациялар түзүмүнүн белгилүү бир деңгээлине ылайык келиши керек.***

***Программа студенттерди окуу жараянын биргелешип түзүүгө активдүү катышууга шыктандырышы зарыл, ал эми студенттердин жетишкендиктерин баалоо ушул ыкманы чагылдырышы керек.***

***Билим берүү уюму / Билим берүү программасы студенттин "өмүр циклинин" бардык этаптарын – атап айтканда, кабыл алуу, академиялык ийгилик, бүтүрүү жана таанылуусун – камтыган алдын ала аныкталган жана жарыяланган эрежелерди бирдей колдонушу зарыл.***

***Билим берүү программасында колдонулган ыкмалар дисциплиналардын/модулдардын/программалардын Окуу натыйжаларын ачык, объективдүү жана адекваттуу баалоону камсыз кылууга тийиш.***

***Билим берүү программасы инновациялык практикаларды киргизүүнү, практика уюштурууну, студенттердин өз алдынча иштерин, студенттердин илимий-изилдөө иштерин жана башка Окуу натыйжаларына жетишүүнү камсыз кылуучу иш-чараларды камтыйт.***

***Студенттерге аналитикалык жана сынчыл ой жүгүртүү принциптерин үйрөтүү каралган.***

***Студенттердин жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ийкемдүү окуу траекторияларын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзгөн жагымдуу билим берүү чөйрөсү түзүлүшү керек.***

***Студенттер менен окутуучулардын ортосундагы өз ара аракеттенүү студенттин инсандыгына урмат-сый көрсөтүүнү камсыздайт.***

***Билим берүү программасы студенттердин Окуу натыйжаларына толук жетишүүсүн камсыз кылуу үчүн маалыматтык-билим берүү, илимий-изилдөө жана окуу-усулдук ресурстар (усулдук колдонмолор, китептер, электрондук ресурстар, кошумча адабияттар) менен камсыз болушу керек.***

***Академиялык мобилдүүлүк маанилүү фактор болуп саналат, ал студенттердин окуу планынын бир катар дисциплиналарын башка өлкөлөрдүн же өлкөнүн Билим берүү уюмдарында окуп-үйрөнүүсүн, практикаларды жана стажировкаларды өтүүсүн карайт.***

***Билим берүү программасы башка университеттер жана илимий мекемелер менен өнөктөштүктү өнүктүрүп, студенттерге башка университеттердин ресурстарына жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.***

***Стандартка Колдонмо***

***Билим берүү программалары билим берүү уюмдарынын билим берүү миссиясынын өзөгүн түзөт. Алар студенттерге академиялык билимдерди жана маанилүү***

***көндүмдөрдү, анын ичинде алардын инсандык өнүгүүсүнө таасир эте турган жана келечектеги карьерасында колдонсо болот.***

***Студентке багытталган окутуу жана окутуу мотивацияны, өз алдынча ой жүгүртүүнү жана студенттердин окуу процессине катышуусун өнүктүрүүдө маанилүү роль ойнойт. Бул процесс окуу планын иштеп чыгууга жана тапшырууга, ошондой эле окуунун натыйжаларын баалоого тең салмактуу мамилени талап кылат.***

***Студенттерге академиялык карьерасын өнүктүрүү үчүн зарыл болгон шарттарды жана колдоону камсыз кылуу жеке студенттердин, программалардын, мекемелердин жана системалардын эң жакшы кызыкчылыктарын эске алуу менен жасалышы керек. Студенттик кабыл алуу, таануу жана аяктоо жол-жоболору белгиленген максаттарга жооп бериши абдан маанилүү, айрыкча студенттердин өлкө ичинде жана эл аралык деңгээлде мобилдүүлүгүнүн чөйрөсүндө.***

***Кирүү саясаттары, процесстери жана студенттерди кабыл алуу критерийлери бирдиктүү жана ачык-айкын түрдө ишке ашырылышы маанилүү. Жогорку окуу жайына кабыл алынгандан кийин студенттерге университетке жана билим берүү программасына ылайыкташуу мүмкүнчүлүгүн берүү керек.***

***Мекемелер студенттердин жетишкендиктери боюнча маалыматты чогултуу, көзөмөлдөө жана көзөмөлдөө процесстерин жана инструменттерин ишке ашыруусу керек.***

***Жогорку билим берүүнүн квалификациясын, окуу мөөнөттөрүн жана мурунку билимин объективдүү таануу, анын ичинде формалдуу эмес жана формалдуу эмес окутууну таануу студенттердин окуу процессинде прогрессти камсыз кылуунун жана ошол эле учурда мобилдүүлүккө көмөктөшүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат.***

***Бүтүрүү студенттин билим алуу мезгилинин туу чокусун билдирет. Студенттер жетишилген квалификацияны түшүндүргөн тиешелүү документтерди, анын ичинде жетишилген окуу натыйжаларын, алынган билимдин контекстти, деңгээлин, мазмунун жана статусун, ошондой эле ийгиликтүү аяктагандыгынын далилдерин алышы керек.***

**Жалпы баа**

520100. Химия багытына кабыл алуу боюнча талапкерлерге коюлган талаптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдары (КР Өкмөтүнүн 2022-жылдын 30-июнундагы "КР ЖОЖдоруна кабыл алуу тартиби" № 355 токтому), Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (ЖКББ) жана ОшМУнун биринчи курсуна студенттерди кабыл алуу жана каттоо эрежелери (2025-жылдын 11- июнунда кабыл алынган тартиби) менен аныкталган. Гранттк орундардан тышкары дагы окууга талапкерлердин конкурсу учурдагы окуу жылына Жалпы республикалык тестирлөөсүнүн (ЖРТ) жыйынтыктары боюнча гана жүргүзүлөт.

Талапкерлерде жалпы орто билим же кесиптик орто (же кесиптик баштапкы) билимди тастыктаган мамлекеттик документ болушу керек. Биринчи курста кабыл алуу жана каттоо

Кыргыз Республикасында ЖРТнын жыйынтыктарына негизделет. Университетке тапшыруучу талапкерлер үчүн минималдуу талап - ЖРТдан кеминде 110 балл алуу. Кабыл алынган студенттердин билим деңгээли биринчи курста кабыл алынгандан кийин анкета аркылуу же кафедра тарабынан негизги дисциплиналар боюнча алгачкы тестирлөө аркылуу аныкталат. Керектүү учурда теңдетүү курстар окулат.

Талдоо көрсөткөндөй 520100. Химия багытынын “Химиялык-экологиялык, криминалистикалык экспертиза” профили боюнча негизги билим берүү программанын түзүмү аталган профилге толук дал келбейт. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик көндүмдөрү, негизинен, дисциплиналарды өздөштүрүү аркылуу өнүгөт. Тилекке каршы, программаны ишке ашыруу учурунда дисциплиналардын тизмесине жана аларды практикалык ишке ашырууга байланыштуу негизги маселелер чечилбеген сыяктуу. Окуу планынын мазмунун талдоодо, негизги жана вариативдик бөлүмдөрдөгү дисциплиналардын аталыштары жана мазмуну аталган профилге толук дал келбей тургандыгы аныкталды. Көпчүлүк дисциплиналар криминалистик экспертизага дал келери көрүнүп турат. Экологиялык экспертизага жалпы жонунан 2 жана 3 циклдагы дисциплиналар кошулуп болгону 19 кредитти камтыган 5 дисциплинаны түзөт. Демек экологиялык экспертизага көбүрөөк курсту киргизүү зарыл экендигин белгилеп кетүү керек. Программада дайыма эле постреквизиттер жана пререквизиттер жооп бербейт. Мисалы, кесиптик циклдагы: “Криминалистикалык экспертизага киришүү” (6 кредит) 1-семестрде, ал эми Криминалистика (6 кредит) 4 -семестрде окутулат.

“Биоорганикалык химия” (4 кредит) 8-семестрде, ал эми "Биохимиялык анализ" (4 кредит) 7-семестрде окутулат. Комиссия биоорганикалык химиянын негизин түшүнбөстөн, студенттер биохимиялык анализди өздөштүрүүдө кыйынчылыктарга туш болушат деп эсептейт.

Кафедранын Googl дискке жүктөгөн силлабустарды талдоодо программанын профилине тиешелүү көптөгөн курстар негизинен илимий даражасы жок кафедранын жаш эки мүчөсүнө дайындалгандыгы көрүнүп турат.

Окуу планы боюнча жалпысынан практикага 39 кредит бөлүнүп, 7 практиканын түрү каралган. Кафедранын жетекчилиги студенттер практиканы өтүү базасын даярдоо максатында тиешелүү мекемелер менен келишимдерди түзүшкөн. Базалык дисциплиналар боюнча студенттер адабият менен камсыздалышкан, бирок спецификалык адабияттар жокко эсе. Өздүк отчетто: “ОшМУнун китепкана фондуна профилдик багыттагы акыркы жылдары чыккан илимий эмгектердин топтомун толуктоо үчүн жаны билдирмелер берилди жана жеке каражаттардын эсебинен алынган китептер:

1. Криминалистика: Токторов Э.С., Матамаров А.Н., Токторов А.Э. Ош-2019.

2. Укук илими: Мустафа Кайгысыз., Туркия респ. 2007-ж.

3. Криминалистика в вопросах и ответах : Е.П.Ищенко. изд. Москва -2022г.

4.Криминалистика: М.В.Савельева, А.Б.Смушкин. изд. Ростов-на-Дону “Феникс” -2015г. деп жазылган. Алынган китептер эски басылыштагы адабият экендиги көрүнүп турат, ал эми жаңы технологиялар жана ыкмалар тездик менен өнүгүп турары белгилүү.

520100 Химия программасынын "Химиялык экология жана криминалисттик экспертиза" адистиги боюнча 7 ОН студенттерден заманбап жабдууларды иштетүү көндүмдөрүнө ээ болууну талап кылат, бирок кафедранын химиялык-экологиялык, криминалистикалык экспертиза жүргузүү үчүн материалдык- техникалык ресурстары жок. Бул көгөйдү кафедра стейкхолдер менен түзүлөн келишимдердин негизинде чечүүгө аракет

кылат, башкача айтканда студенттер практикалык сабактарды заманбап жабдуулары бар иш каналарда өткөрөрүү белгилүү болду.

Студенттердин электрондук маалымат китепчесинде студенттердин укуктары жана милдеттери камтылган. Китепчеден студенттер окуу процессине ж.б. маселелерге байланыштуу зарыл маалыматтарды алышат. Бүтүрүчүлөрдүн квалификациясы бакалавр эле болушу керек, бирок мисалга келтирилген 2 студенттин жеке окуу планында: "Направление: 520100. Химия. Специальность: 520100. Химик, химик-эколог, криминалист-эксперт" деп жазылган Аталыштарда дагы айырма бар "Химиялык-экологиялык, криминалистикалык экспертиза"

Академиялык мобилдүүлүк алкагында 2 студент 25.11.24-25.12.24, дагы 2 студент 25.11.25-25.12.25 Фергана мамлекеттик университетке барып окуп келгенди жөнүндө маалымат бар, бирок тастыктоочу документтер көрсөтүлгөн эмес. Өздөштүрүлгөн дисциплиналарды талдаганда 2025-жылы барган эки студентке кээ бир дисциплиналары дал келбестиги суроолорду жаратат.

Суденттердин өз алдынча иштери канааттандыраарлык деңгээлде уюштурулган, бул белгилүү бир деңгээлде окуу натыйжаларына жетүүнү камсыз кылат

Билим берүү программасынын алкагында Россия, Казакстан жана Өзбекстандын алдыңкы университеттери, ошондой эле илимий мекемелери менен тыгыз байланыштар түзүлүп, кызматташтык келишимдери бар.

Жогоруда айтылгандар ББ программанын түзүмү жана мазмуну ОН жетишүүнү жарым-жартылай гана камсыздайт жана 4-стандартка жарым-жартылай шайкеш келет деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет. ОН ишке ашыруу үчүн каралган профилдин өзгөчөлүктөрүн эске албастан түзүлгөн.

***Артыкчылыктары:***

1. Өлкө боюнча бирден бир "Химиялык экология жана криминалисттик экспертиза" профили болгондуктан, даярдалып жаткан кадрлар эмгек рыногунда чоң суроо-талапка ээ.
2. ББПны ишке ашырууда кызыкдар тараптар (социалдык өнөктөштөр, иш берүүчүлөр) менен тыгыз иш алып барышат.

***Сунушталган чаралар:***

1. Окуу процесси негизинен кыргыз тилинде жүргүзүлгөндүктөн, кафедранын окутуучулары тарабынан багытка туура келүүчү дисциплиналар боюнча чет өлкөлүк авторлордун эмгектерин кыргыз тилине которуу, кыргыз тилинде окуу-усулдук колдонмолорду даярдоо.
2. Студенттердин мобилдүүлүгүн ишке ашырууда университеттин мүмкүнчүлүктөрүн толугу менен пайдалануу.

***Милдетүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар:***

1. НББПнын түзүлүшүн, мазмунун жана окутуунун антыйжаларын профилге дал келтирип иштеп чыгуу;
2. Студенттердин заманбап жабдууларды иштетүү боюнча көндүмдөргө ээ болушу үчүн кафедраны заманбап материалдык-техникалык ресурстар менен камсыз кылуу;

3. Программага тиешелүү актуалдуу окуу материалдары, адабияттар (экологиялык, соттук, криминалистикалык экспертиза) менен камсыз кылуу.

***Комиссиянын Стандарт 4 боюнча чечими – билим берүү программасынын ишмердүүлүгү EdNet агенттигинин ушул стандартына: жарым-жартылай дал келет.***

## 5-СТАНДАРТ. ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛАР КУРАМЫ.

***Стандарттын аныктамасы***

*Бул стандартка ылайык, Билим берүү программасынын алкагында окутуучуларынын компетенттүүлүгүнө ишеним болушу керек. Билим берүү программасы кызматкерлерин жумушка алуу жана алардын кесиптик өсүшүн өнүктүрүүдө адилеттүү жана ачык-айкын процесстерди колдонушу зарыл.*

*Профессордук-окутуучулук курамы (ПОК) билим берүү программасы камтыган бардык билим тармактары боюнча адистер менен камсыздалууга тийиш.*

*ПОК тиешелүү негизги билимге ээ болуп, квалификациясын системалуу түрдө жогорулатууга, кошумча билим алууга, стажировкалардан өтүүгө жана башка ушул сыяктуу иш-чараларга катышууга тийиш.*

*Маанилүү факторлордун бири – ПОКтун тиешелүү тармакта иш тажрыйбасынын болушу жана илимий-изилдөө долбоорлорун ишке ашыруу.*

*ПОК билим берүү программасын жалпы жакшыртууга жана анын айрым дисциплиналарын өркүндөтүүгө жигердүү катышууга тийиш.*

*Маанилүү факторлордун бири – окутуучулардын кесиптик коомдорго мүчө болуусу, стипендиялар жана гранттарды алуусу.*

*Окутуучулар илимий-изилдөө, долбоордук жана илимий-методикалык иштерди активдүү аткарышы керек, бул илимий-изилдөө жана илимий-методикалык иштер боюнча отчеттор, илимий конференцияларга катышуу жана илимий басылмалардын болушу менен тастыкталышы зарыл.*

*Ар бир окутуучу өзүнүн дисциплинасынын окуу планындагы ордун, анын мурунку жана кийинки дисциплиналар менен болгон байланышын билүүгө жана түшүндүрүүгө жөндөмдүү болушу керек. Ошондой эле, ал дисциплинанын адисти калыптандыруудагы окуу натыйжаларын камсыздоодогу ролун так түшүнүшү зарыл.*

*Билим берүү программасынын алкагында ПОК үчүн чыгармачылык, инсандык жана кесиптик өнүгүү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.*

***Стандартка Колдонмо***

*Окутуучунун ролу жогорку сапаттагы билим берүүнүн жана студенттердин билимдерди, компетенцияларды жана көндүмдөрдү өздөштүрүүсүнүн негизги фактору болуп саналат. Студенттердин ар түрдүүлүгү жана окуу натыйжаларына болгон жогорулатылган көңүл студентке багытталган окутууну жана окутуунун жаңы ыкмаларын талап кылат, мында окутуучунун ролу да өзгөрөт.*

*Жогорку окуу жайлары өз кызматкерлеринин кесипкөйлүгү жана алардын натыйжалуу иштеши үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча негизги жоопкерчиликти өзүнө алышы керек. Мындай чөйрө:*

- *кызматкерлерди жумушка алуунун түшүнүктүү, ачык жана адилеттүү процессин белгилейт жана окутуучулук ишмердүүлүктүн маанилүүлүгүн тааныган иш шарттарын камсыз кылат;*
- *профессордук-окутуучулук курамдын кесиптик өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүктөр түзүп, аны колдойт;*
- *билим берүү менен илимий-изилдөө иштеринин байланышын чыңдоо үчүн илимий ишмердүүлүктү колдойт; окутуу ыкмаларына инновацияларды киргизүүгө жана жаңы технологияларды колдонууга көмөктөшөт.*

***Жалпы баа***

Окутуучулар курамын тандоо процесси КРнын Эмгек кодексине, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына ББП программасынына талап кылынган квалификацияларды талапкерлерден так көрсөткөн талаптарына ылайык жүргүзүлөт. ББПны ишке ашырууда педагогикалык билимге ээ жана тиешелүү педагогикалык квалификациясын жогорулаткан окутуучулук курам иш алып барат. Кесиптик жогорку билим берүү уюмунда педагог болуп иштөөгө эреже катары магистрден төмөн эмес билими бар адамдарга уруксат берилет. Педагогикалык ишмердүүлүктү жүргүзүүгө соттолгон же медициналык жактан каршы көрсөтмөсү бар адамдарга жол берилбейт, анын тизмеси Кыргыз Республикасынын Мыйзамы аркылуу аныкталат. Университеттин саясатына ылайык, бош орундар медиа тармактарда, университеттин веб-сайтында жана адистештирилген талапкерлерди издөө боюнча веб-сайттарында жарыяланат, андан тышкары ОшМУнун ички кадрлар резерви аркылуу бош орундарга талапкерлер тандалып алынат. Жумушка кабыл алуу ОшМУнун жумушка алуу эрежелерине (ОшМУнун ректорунун 2021-ж. 24-февралындагы №584 буйругу) ылайык көп баскычтуу тестирлөө жана тандоо процесси аркылуу жүргүзүлөт.

Комиссия университетте программаны толук ишке ашыруу үчүн тиешелүү окутуучулар курамы бар экенин тастыктады. Талдоо көрсөткөндөй өздүк отчетто берилген маалыматтар менен 2025-2026 окуу жылына бекитилген штаттык жадыбалдагы маалыматтар бири-бирине дал келбейт. Аталган ББП ишке ашырып жаткан кафедрада штаттык жадыбал боюнча 18 ПОЖ эмгектенишет: 13 кызматкер штаттык курамда ал эми 5 кызматкер айкалыштыруу менен бекитилген. Штаттык курамдагы кызматкерлердин ичинен: 2 илимдин докторлору-профессорлор, 7 илимдин кандидаттары-доценттер, 4

окутуучулар. Айкалыштыруу менен иштеген кызматкерлердин ичинен: 2 илимдин докторлору- профессорлор, 2 илимдин кандидаттары-доценттер, 1 окутуучу. Айкалыштыруу менен иштеген окутуучулардын окуу жүктөмдөрүн анализдегенде 4 окутуучу (2 профессор жана 2 доцент) бакалавриатта окуу жүктөмү жок, алардын окуу жүктөмү толугу менен магистратурада экендиги штаттык жадыбалда көрүнүп турат. Бир гана кызматкер (окутуучу) өндүрүштөн (СЭТБ) тартылгандыгы көрүнүп турат. Ал эми өздүк отчетто болсо төмөнкүдөй деп жазылган: “экологиялык, криминалистикалык экспертиза профилин бекемдөө үчүн компетенттүү өндүрүштөрдө иштеген адистер ишке тартылып окуу жүктөмдөр бөлүштүрүлгөн:

Муратов А.А.–эксперт криминалист ИИРБ,

Абдыкадыров Ж.М. – КР Юстиция министрлигине караштуу Соттук-эксперттик кызматтын түштүк башкармалыгынын начальниги,

Көчкөнбаева Ж.Ж. - СЭС лабораториясынын башчысы,

Орозматова Г.Т. - «Асман Ойл Компани» ЖЧКсынын күйүүчү-майлоочу материалдарды көзөмөлдөө лабораториясынын башчысы” Бул штаттык жадыбалга дал келбеген билдирүү.

Эгерде химиктердин окутуучу курамынын сапатын тейлөө бөлүмдөрүн кошпой, түздөн-түз карасак, анда сапаттуу курам жогору жана ББПны ишке ашырууга катышкан илимий даражага ээ мугалимдердин үлүшү 72% түзөт.

Ар бир 3 жылда сөзсүз түрдө ОшМУда ПОЖдун квалификациясын жогорулатуу курстары өткөрүлүп, сертификаттар тапшырылат. Андан тышкары ар бир окутуучу өзүнүн калоосу менен тиешелүү квалификацияны жогорулатуучу курстарды бүтүрүп, тастыктоо документ алышат.

Ош мамлекеттик университетинин администрациясы окутуучуларды мотивациялоодо илимий-изилдөөлөрүн баалоо үчүн окутуучуларга кандидаттык жана докторлук диссертацияларын ийгиликтүү коргогондо, ошондой эле “Scopus” жана “Web of Science” басылмаларында макалаларды жарыялаганда сыйлыктар берилет. "Мыкты лектор", "Мыкты окуу китеби", "Методикалык колдонмо", "Мыкты монография", "Жылдын мыкты доценти", "Жылдын мыкты профессору" жана "Жылдын мыкты мугалими" сынактары өткөрүлүп турат. Кафедранын окутуучулары бул сынактарга жыл сайын көрсөтүлүп, лауреат болуп келишет. Химия программасындагы окутуучулар изилдөө иштерин активдүү жүргүзүп алардын жыйынтыктарын “Hirsch”, “Scopus” жана РИНЦ системаларына кирген жогорку цитаталанган журналдарда жарыялашат.

ББП кафедранын окутуучулары Россия, Казакстан жана Өзбекстандын алдыңкы университеттердеги, ошондой эле илимий мекемелердеги кесиптештери менен тыгыз байланышта. Кызматташтык натыйжасында биргелешкен макалалар жарыкка чыккан. Бирок ошол эле учурда чет өлкөлөр менен тажрыйба алмашуу максатында мугалимдердин мобилдүүлүгү жокко эсе.

Белгилүү болгондой химия кафедрасында химиялык заттар менен иштөөдө коопсуздук эрежелери атайын талаптарга туура келет. Бирок окутуучулар курамы менен маектешүү учурунда коопту эмгек шарттары үчүн төлөм жүргүзүлбөгөндүгү аныкталды. Албетте, бул университеттин кошумча чыгымдарын талап кылышы мүмкүн, бирок адам ресурсунун ден соолугу биринчи планда турушу керек деп эсептейбиз.

***Артыкчылыктары:***

1. ББПны ишке ашырууда ПОЖдун сапаттык көрсөткүчү 72% жогору болуп, кадрдык камсыздоо жогорку деңгээлде.
2. Кафедранын окутуучулары тынымсыз илимий изилдөө иштерин жүргүзүп келишет, бул алардын эмгектеринин "Scopus" жана "РИНЦ" системасындагы абройлуу журналдарда жарыяланышынан көрүнүп турат.
3. "Мыкты лектор", "Мыкты окуу китеби", "Методикалык колдонмо", "Мыкты монография", "Жылдын мыкты доценти", "Жылдын мыкты профессору", "Жылдын мыкты мугалими" конкурстарда байма бай катышып лауреаттары болушат.

***Сунушталган чаралар:***

1. Билим берүү программасында жаш окутуучулар жетишсиз ошондуктан жаш кадрларды даярдоо боюнча ишмердүүлүктү күчөтүү;

***Милдетүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар:***

1. Профилди бекемдөө үчүн экология жана криминалистика тармагында иштеген тажрыйбалуу адис-өндүрүшчүлөрдү көбүрөөк ишке тартуу менен ПОЖдун окуу жүктөмдөрүн бирдей бөлүштүрүү мүмкүнчүлүгүн кароо;
2. Профилге тиешелүү кесиптик дисциплиналар окумуштуулук даражасы жок окутуучуларга жүктөлгөн, ошондуктан комиссия окуу жүктөмдөрдү бөлүштүрүүдө ушул аспектилерди эске алууну сунуштайт;
3. Окутуучулардын эл аралык жана ички академиялык мобилдүүлүгүн өркүндөтүү.

***Комиссиянын Стандарт 5 боюнча чечими – билим берүү программасынын ишмердүүлүгү: Көп даражада дал келет.***

## 6-СТАНДАРТ. ИНФРСТРУКТУРА, РЕСУРСТАР ЖАНА МАГИСТРАНТТАРДЫ КОЛДОО

***Стандарттын аныктамасы***

*Бул стандартка ылайык, Билим берүү уюму/Билим берүү программасы окутуу жана окутуучулук ишмердүүлүгү үчүн жетиштүү ресурстарга жана каржылоого ээ болушу керек, студенттер үчүн жеткиликтүү жана ылайыктуу окуу материалдарын жана колдоо механизмдерин, анын ичинде ден соолук жана коопсуздук маселелерин камсыз кылууга тийиш.*

*Билим берүү программасында материалдык-техникалык жабдуулар туруктуу түрдө жаңыланып, өркүндөтүлүп жана кеңейтилип турушу зарыл.*

*Окуу аудиториялары, лабораториялар жана алардын жабдуулары заманбап болуп, билим берүү программасынын максаттарына жана күтүлгөн жыйынтыктарына шайкеш келиши керек. Инфраструктура, кызмат көрсөтүүлөр жана окуу ресурстары стейкхолдерлердин талаптары менен муктаждыктарын канааттандырууга тийиш. Студенттер өз алдынча окуу жана изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн жетиштүү мүмкүнчүлүктөргө ээ болушу керек.*

| |
|---|
| *Билим берүү программасы (Билим берүү уюму/бөлүмү) окуу үчүн зарыл болгон материалдарды камтыган китепканага ээ болушу керек: окуу, техникалык жана маалыматтык адабияттар, ар кандай мезгилдүү басылмалар ж.б.*<br><br>*Студенттер менен окутуучулар үчүн маалыматтык ресурстарга (локалдык тармак, интернет) кирүүгө мүмкүнчүлүк берген компьютердик класстар жана терминалдар жеткиликтүү болушу зарыл.*<br><br>*Студенттердин өз алдынча билим алуусу жана кесиптик, жеке өнүгүүсү үчүн ыңгайлуу билим берүү чөйрөсү түзүлүшү керек.*<br><br>*Инфраструктураны жакшыртуу боюнча пландаштырууда студенттер менен профессордук-окутуучулук курамдын күтүүлөрүн эске алуу механизми иштелип чыгып, колдонууга киргизилиши керек.*<br><br>*Билим берүү уюмунун жана Билим берүү программасынын жетекчилиги инфраструктураны өнүктүрүү жана академиялык, башка колдоо кызматтарын көрсөтүү аркылуу студенттер менен профессордук-окутуучулук курамдын муктаждыктарына өз убагында жооп кайтарышы зарыл. Билим берүү уюму бул ресурстардын жеткиликтүүлүгүн жана колдонулушун көзөмөлдөөгө тийиш.*<br><br>*Билим берүү программасынын деңгээлинде студенттер жана профессордук-окутуучулук курам үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты бааланып турушу керек.* |
| ***Стандартка Колдонмо***<br><br>*Натыйжалуу окутууну камсыз кылуу максатында, Билим берүү уюму/Билим берүү программасы студенттерди окуу процессинде колдоо жана жардам көрсөтүү үчүн керектүү окуу ресурстары менен камсыздоого тийиш. Мындай ресурстар материалдык (мисалы, китепканалар, окуу жабдуулары, маалыматтык-технологиялык инфраструктура) жана адамдык (мисалы, насаатчылар, кураторлор жана башка консультанттар) болушу мүмкүн.*<br><br>*Окуу ресурстарын бөлүштүрүү, пландаштыруу, студенттерди колдоо, ошондой эле студентке багытталган билим берүү жана ийкемдүү окутуу моделдерине өтүү учурунда ар түрдүү студенттердин (мисалы, иштегендер, бойго жеткендер, жарым-жартылай окугандар, чет өлкөлүк студенттер жана мүмкүнчүлүгү чектелгендер) муктаждыктары эске алынууга тийиш. Ошондой эле Билим берүү уюму/Билим берүү программасы тарабынан студенттердин сапаттуу билим алуусун камсыздоо үчүн зарыл болгон ресурстар, анын ичинде алардын ден соолугу жана коопсуздугуна байланышкан маселелер боюнча колдоо көрсөтүлүшү керек.*<br><br>*Студенттерди колдоо чаралары жана шарттары ар кандай институционалдык контекстке жараша ар түрдүү форматта уюштурулушу мүмкүн. Ошого карабастан, ички сапатты камсыздоо системасы бардык ресурстардын белгиленген максаттарга* |

*шайкеш келишин, жеткиликтүүлүгүн жана студенттердин алар тууралуу маалымдуулугун кепилдейт.*

*Студенттерди колдоо кызматтарын көрсөтүүдө техникалык жана административдик кызматкерлердин ролу маанилүү болуп саналат. Ошондуктан, алар тийиштүү квалификацияга ээ болуп, өз компетенцияларын жогорулатууга мүмкүнчүлүк алышы керек.*

***Жалпы баа***

Стандартты талдоо көрсөткөндөй билим берүү уюму 520100 «Химия» билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн керектүү инфраструктура, материалдык-техникалык база, билим берүү ресурстары жана студенттерди колдоо механизмдери менен камсыз кылган.

Өздүк отчетто жана маектешүүлөрдүн жүрүшүндө белгиленгендей, окуу процесси окуу корпустарындагы лекциялык аудиторияларда, лабораториялык кабинеттерде жана компьютердик класстарда жүргүзүлөт. Химия багыты боюнча жалпы химия, органикалык химия, аналитикалык химия, физикалык химия жана биохимия лабораториялары бар. Лабораториялар окуу процесси үчүн керектүү приборлор, жабдуулар жана реактивдер менен камсыздалып, студенттердин практикалык көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган. Билим берүү программасы китепкана фонду жана электрондук маалыматтык ресурстар менен камсыздалган. Студенттер окуу жана окуу-усулдук адабияттарды, илимий журналдарды, электрондук ресурстарды, интернет булактарын жана электрондук билим берүү материалдарын колдонууга мүмкүнчүлүк алышат. Университеттин MyEDU жана AVN маалыматтык системалары аркылуу окуу процесси тууралуу маалыматтар жеткиликтүү. Маектешүүлөрдүн жыйынтыгында студенттерге академиялык кеңеш берүү, консультациялар, курстук жана дипломдук иштерди аткарууда колдоо көрсөтүү системасы иштей турганы белгиленди. Студенттер практикалык даярдыктан билим берүү мекемелеринде, лабораторияларда жана тиешелүү уюмдарда өтүшөт. Ошол эле учурда эксперттик комиссия материалдык-техникалык базаны жаңылоо, электрондук ресурстарды кеңейтүү жана студенттердин карьералык өнүгүүсүн колдоо боюнча ишти мындан ары жакшыртуу зарылдыгын белгилейт. Өздүк баалоо отчетунда көрсөтүлгөн маалыматтарды, тастыктоочу базаны жана маектешүүнүн жыйынтыктарын эске алуу менен эксперттик комиссия төмөнкүдөй жыйынтыкка келди: билим берүү программасы инфраструктура жана студенттерди колдоо боюнча негизги талаптарга жооп берет, бирок ресурстарды өнүктүрүү жана жаңылоо боюнча иштерди системалуу улантуу зарыл.

***Артыкчылыктары:***

1. Химия багыты боюнча окуу лабораториялары жана окуу аудиториялары билим берүү процессин жүргүзүүгө жетиштүү деңгээлде камсыздалган.
2. Китепкана фонду, электрондук ресурстар жана маалыматтык системалар (MyEDU, AVN) студенттер үчүн жеткиликтүү.
3. Студенттерге академиялык кеңеш берүү, консультация жана практикалык даярдыкты уюштуруу механизми иштейт.

***Сунушталган чаралар:***

1. Лабораториялык жабдууларды жана реактивдерди этап-этабы менен жаңылоо жана заманбап жабдуулар менен толуктоо.
2. Электрондук китепкананы жана эл аралык илимий маалымат базаларына жеткиликтүүлүктү кеңейтүү.
3. Студенттердин өз алдынча иши жана изилдөө ишмердүүлүгү үчүн коворкинг жана окуу мейкиндиктерин өнүктүрүү.

***Милдетүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар:***

1. Материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү жана лабораториялык жабдууларды жаңылоо боюнча узак мөөнөттүү план иштеп чыгып, аны этап-этабы менен ишке ашыруу.
2. Билим берүү программасы боюнча студенттердин өз алдынча окуусу жана илимий-изилдөө иши үчүн заманбап коворкинг жана окуу мейкиндиктерин уюштуруу жана толук кандуу иштөөсүн камсыз кылуу.

***Комиссиянын Стандарт 6 боюнча чечими – билим берүү программасынын ишмердүүлүгү: Көп даражада дал келет .***

## 7-СТАНДАРТ: ОТЧЕТТУУЛУК, АЙКЫНДУУЛУК, МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУ ЖАНА АНЫН ИШЕНИМДҮҮЛҮГҮ. КООМЧУЛУКТУ МААЛЫМДОО.

Стандарттын аныктамасы

Билим берүү уюму/Билим берүү программасы өзүнүн билим берүү программаларын жана башка ишмердүүлүгүн натыйжалуу башкаруу үчүн тиешелүү маалыматтарды чогултуп, талдап жана колдонууга кепилдик бериши керек.

Бул стандартка ылайык, программаны ишке ашырууда башкаруунун ачык-айкын системасы иштеп, бардык стейкхолдерлер үчүн керектүү документтерге жана маалыматтарга жеткиликтүүлүк камсыздалышы керек.

Билим берүү программасын ишке ашырууда отчеттуулук принциптери сакталышы керек: коомчулукка жана бардык стейкхолдерлерге толук, системалуу жана ишенимдүү маалымат берүү.

Билим берүү программасынын жетекчилиги студенттер үчүн, ПОК жана башка стейкхолдерлер үчүн ачык жана жеткиликтүү экенин тастыктаган далилдерди камсыз кылат жана көрсөтөт.

Билим берүү программасында чечим кабыл алуунун ачык-айкын саясаты жана коомчулукту жана кызыкдар тараптарды объективдүү жана өз убагында маалымдоо механизмдери иштейт. Билим берүү уюму/Билим берүү программасы өз ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтарды жарыялап турууга тийиш, бул маалымат так, объективдүү, актуалдуу жана оңой жеткиликтүү болушу керек.

**Стандартка Колдонмо**

Ишенимдүү маалымат – бул чечим кабыл алуу үчүн жана кайсы нерсе натыйжалуу иштеп жатканын, кайсынысы жакшыртууну талап кыларын билүү үчүн зарыл шарт болуп саналат. Билим берүү программалары жана башка ишмердүүлүктөр боюнча маалыматтарды үзгүлтүксүз жана системалуу түрдө чогултуу жана талдоо процессинин натыйжалуу болушу ички сапатты камсыздоо системасынын ишине чоң салым кошот.

Маалыматтын кандайча чогултулушу билим берүү уюмунун түрүнө жана миссиясына жараша бир аз айырмаланышы мүмкүн. Бирок, төмөнкү маалыматтар өзгөчө маанилүү болуп саналат: негизги көрсөткүчтөр; студенттердин контингенти тууралуу маалымат; жетишкендиктери, окуу жетишкендиктери жана окуу жайдан чыгарылышы; студенттердин тандалган программаларга болгон канааттануусу; билим берүү ресурстарынын жана студенттерди колдоо кызматтарынын жеткиликтүүлүгү; бүтүрүүчүлөрдүн карьералык өсүшү.

Маалыматтарды чогултуу үчүн ар кандай ыкмалар колдонулушу мүмкүн. Маанилүүсү – студенттер жана кызматкерлер маалыматтарды топтоо жана талдоо, ошондой эле кийинки аракеттерди пландаштыруу процесстерине активдүү катышуусу.

Билим берүү уюмдарынын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтар потенциалдуу студенттер, учурда окуп жаткан студенттер, бүтүрүүчүлөр, башка кызыкдар тараптар жана жалпы коомчулук үчүн пайдалуу болуп эсептелет.

Ошондуктан, билим берүү уюмдары өз ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтарды сунуштап турушу керек. Бул маалыматтар төмөнкүлөрдү камтышы зарыл: сунушталган программалар жана кабыл алуу критерийлери, бул программалар боюнча күтүлгөн окуу натыйжалары, ыйгарылган квалификациялар, окутуу жана үйрөтүү ыкмалары, баалоо жол-жоболору жана өтүү баллдары, студенттер үчүн окуу мүмкүнчүлүктөрү, ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымат.

***Жалпы баа***

Бул стандартты талдоо көрсөткөндөй билим берүү уюму сапаттын кепилдигин камсыздоо боюнча кызыкдар тараптар үчүн керек болгон маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн камсыздайт. 520100. Химия багыты, химиялык-экологиялык криминалистикалык экспертиза профили тууралуу маалыматты ОшМУнун расмий сайтынан, табият таануу, дене тарбия, туризм жана агарардык технологиялар институтунун веб-сайты аркылуу алууга болот. Мындан сырткары университеттин социалдык тармактарындагы баракчаларында (фейсбук, инстаграм, ютуб канал), “Нур” газетасы, “Үмүт” телестудиясында Ош шарындагы жергиликтүү теле каналдарда программага тийиштүү жана окуу жайдын жалпы жүргүзүлүп жаткан ишмердүүлүгү боюнча актуалдуу жаңылыктары чагылдырылып турат.

Өздүк отчетто белгиленгенде ББПда билим алып жаткан студенттердин контингенти, окуудагы жетишкендиктеи, студенттердин кыймылдары (окуудан четтетилиши, тикелениши) тууралуу маалыматтар AVN маалыматтык системасында, программанын окуу пландары, окуу жүктөмдөрү ар бир окуу жылы үчүн жумушчу окуу пландары окуу жайдын MyEDU маалыматтык порталына жайгаштырылат.

Өздүк отчетто жана маектешүү учурунда белгиленгендей университетте жалпы ишмердүүлүк боюнча жана программага тийиштүү кабыл алынган чечимдерди ар дүйшөмбү сайын институттун жетекчилиги менен кафедра башчыларынын катышуусунда уюштурган жыйындарда талкууга алып, ПОЖго кафедра башчылары тарабынан жеткирилет.

Эксперттик комиссия табият таануу, дене тарбия, туризм жана агарардык технологиялар институнун веб сайтын жана сайттагы химия жана химиялык технологиялар кафедрасынын бөлүмүн изилдеп чыкканда 520100. Химия багыты, химиялык-экологиялык криминалистикалык экспертиза профили тууралуу жайгаштырылган маалыматтардын ишенимдүүлугун кайра карап чыгуу керектиги белгиленди (жайгаштырылган документтердин окуу-усулдук кеңештерде каралышы көрсөтүлгөн эмес, көпчүлук документтер бекитилген эмес). Тактап айтканда кызыкдар тараптар үчүн, анын ичинде абитуренттер, иш берүүчүлөр үчүн керек болгон НББП программанын максаттары, окутуунун натыйжалары, бүтүрүүчүлөр үчүн даярдалган МАКтын суроолору боюнча тиркелген документтер бекитилбеген же атайын ырсталбаган. Андан сырткары программанын стратегиялык пландары, кафедранын отчеттору боюнча маалыматты кафедранын баракчасына жайгаштышыкан эмес.

Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агарардык технологиялар институнун веб сайтынын жогорку оң тараптагы бурчунда жайгашкан, колдонуучуга тилди тандап алууга мүмкүнчүлүк берген менюда кыргыз, орус, англис жана түрк тилдери көрсөтүлүп турганы менен тилдеге которууда башкы аталыштары гана кыргыз, орус тилдеринде өзгөргөнү менен англис жана түрк тилдеринде которулбайт, көп тилдүүлүк менюсу толук кандуу иштебейт.

Студенттер, иш берүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөр менен маектешүү учурунда белгилүү болгондой программанын алкагында карьераны өнүктүрүү боюнча иш-чаралар системалуу түрдө жолго коюлган эмес. Тактап айтканда бүтүрүүчү курстардын студенттери ОшМУнун практика жана карьера борборунун ишмердүүлүгү боюнча маалыматка ээ эмес, иш берүүчүлөр дагы программанын алкагында карьераны өнүктүрүү багытында түздөн түз кафедра менен гана кызматташтык алып барары белгилүү болду.

Ал эми университеттин расмий веб сайтын изилдеп чыгууда дагы сайттын “Академиялык саясат” бөлүмүндө “Бүтүрүүчүлөргө” шилтемесинде “Карьера борбору” шилтемеси көрсөтүлгөн. Ал эми сайттын “Университет” бөлүмүнүн ичинде Структура-борборлор-практика жана карьера борбору боюнча жалпы маалыматта борбордун веб-баракчасы көрсөтүлгөн. Бул баракчада бүтүрүүчүлөр үчүн маалыматтар киргизилип, мезгил мезгили менен жаңыртылып турат. Бирок маалыматтын так жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн борбордун сайттагы шилтемелерин жалпылаштырып бирдиктүү маалымат базасын түзүүнү карап чыгуу керек.

Өздүк баалоо боюнча түзүлгөн отчеттун алкагында алынган маалыматтарды, көрсөтүлгөн тастыктоочу базаны, маектешүүнүн жыйынтыгы менен эксперттик комиссия төмөдөгүдөй жыйынтыкка келди: 520100. Химия багыты, химиялык-экологиялык криминалистикалык экспертиза профили тууралуу маалыматтык база ББУнун расмий сайтында, расмий маалыматтарды жайылтуу каражаттарында, ББУнун өзүнүн маалыматтык MyEDU порталында, АВН маалыматтык системасында жайгаштырылган. Сапатты камсыздоо боюнча маалыматтарды топтоштурууда, программанын ишмердүүлүгү боюнча мониторинг жүргүзүүдө кызыкдар тараптар үчүн маалыматты алыыдк ачык,

айкындык принциптери иштейт. Студенттер, окутуучулар жетекчилик тарабынан тийиштүү маалыматтарды убагында, тоскоолдуксуз ала алышат. Студенттер, иш берүүчүлөр программанын жана окуу жайдын жетекчилигине сунуш-пикирлерин жеткирүүдө кайтарым байланыш механимдери иштейт. Бирок ошол эле убакта маалыматтарды жогоруда белгиленген маалымат булактарынан алууда чектөөлөр бар (мисалы маалыматтар көбүнчө бир гана тилде берилген), айрым расмий документтер тастыкталган, ырасталган эмес, бүтүрүүчүлөр менен карьералык өсүүдө көмөк көрсөтүү ишин карап чыгуу керек.

***Артыкчылыктары:***

1. ОшМУ окуу жайдын жалпы ишмердүүлүгү боюнча актуалдуу маалыматтарды коомчулукка жана бардык кызыкдар тараптарга жеткирүүдө расмий сайты, окуу жайдын өзүнүн басма со каражаты, телестудиясы иштейт.
2. ББП маалыматтын жеткиликтүүлүк, ачык-айкындык принциптерин камсыз кылуу үчүн атайын сайтын ишке киргизген жана атайын маалыматтык система жана портал иштейт.

***Сунушталган чаралар:***

1. Карьераны өнүктүрүү багытында университеттин практика жана карьера борбору менен 520100. Химия багытында билим алып жаткан студенттери, иш берүүчүлөрү жана бүтүрүүчүлөрү менен иш алып баруусун системалаштыруу;
2. Чет өлкөлүк ЖОЖдор жана башка билим берүү уюмдары менен коомчулукту так маалымат менен камсыз кылуу аркылуу 520100. Химия билим берүү программасынын имиджин көтөрүү максатында, программанын бардык кызыкдар тараптарынын кызматташтыгын бекемдөө;
3. Билим берүү кызматтарынын сапат кепилдигинин системасын жакшыртуу үчүн студенттер, иш берүүчүлөр арасында жүргүзүлгөн сурамжылоолордун, мониторингдердин жыйынтыгы боюнча түз жана кайртарым байланыш системасын жолго коюу.

***Милдетүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар:***

*1.* Кызыкдар тараптар үчүн 520100. Химия багыты, химиялык-экологиялык криминалистикалык экспертиза профили тууралуу маалыматты ачык айкын, так жеткирүү стратегиясын иштеп чыгуу

***Комиссиянын Стандарт 7 боюнча чечими – билим берүү программасынын ишмердүүлүгү: Көп даражада дал келет.***

## ББПнын артыкчылыктары

| *Стандарт* | *ОО/ОПтун артыкчылыктары* |
|---|---|
| ***Стандарт 1*** | 1. ББУнун миссиясы компетенттүү кесипкөй адистерди даярдоо принциптерин эске алуу менен так, ачык айкын иштелип чыккан жана ал окуу жайдын маалымат каражаттары аркылуу бардык кызыкдар тараптер үчүн жеткиликтүү.<br>2. ББУнун туруктуу өнүгүү моделине, билим берүү кызматтарын модернизациялоого жана эл аралык интеграцияга багытталган стратегиялык өнүгүү планы кабыл алынган. |
| ***Стандарт 2*** | 1. Сапатты камсыздоо боюнча атайын бекитилген саясаты бар жана сапат кепилдигин камсыздоо боюнча институционалдык денгээлде мониторинг механизми иштейт;<br>*2.* Билим берүү программасынын алкагында ПОЖ жана студенттер академиялык эркиндик жана академиялык чынчылдык принциптерин карманышат. |
| ***Стандарт 3*** | 1. Программанын ишмердүүлүгү жалпысынан 520100 «Химия» багыты боюнча НББПнын максаттарына жана ЖКББнын мамлекеттик билим берүү стандарттына ылайык келет<br>2. ББП боюнча кадрларды даярдоону эмгек рыногунун суроо-талабына шайкеш келетирүүдө иш берүүчүлөрдүн, социалдык өнөктөштөрдү сунуштары үзгүлтүксүз талдоого алынат;<br>3. Бул программаны аяктагандан кийин, бүтүрүүчүлөр бул тармактагы магистратура программасында окуусун уланта алышат. |
| ***Стандарт 4*** | 1. Өлкө боюнча бирден бир "Химиялык экология жана криминалисттик экспертиза" профили болгондуктан, даярдалып жаткан кадрлар эмгек рыногунда чоӊ суроо-талапка ээ.<br>2. ББПны ишке ашырууда кызыкдар тараптар (социалдык өнөктөштөр, иш берүүчүлөр) менен тыгыз иш алып барышат. |
| ***Стандарт 5*** | 1. ББПны ишке ашырууда ПОЖдун сапаттык көрсөткүчү 72% жогору болуп, кадрдык камсыздоо жогорку деңгээлде.<br>2. Кафедранын окутуучулары тынымсыз илимий изилдөө иштерин жүргүзүп келишет, бул алардын эмгектеринин "Scopus" жана "РИНЦ" системасындагы абройлуу журналдарда жарыяланышынан көрүнүп турат.<br>3. "Мыкты лектор", "Мыкты окуу китеби", "Методикалык колдонмо", "Мыкты монография", "Жылдын мыкты доценти", "Жылдын мыкты профессору", "Жылдын мыкты мугалими" конкурстарда байма бай катышып лауреаттары болушат. |

| | |
|---|---|
| ***Стандарт 6*** | 1. Химия багыты боюнча окуу лабораториялары жана окуу аудиториялары билим берүү процессин жүргүзүүгө жетиштүү деңгээлде камсыздалган.<br>2. Китепкана фонду, электрондук ресурстар жана маалыматтык системалар (MyEDU, AVN) студенттер үчүн жеткиликтүү.<br>3. Студенттерге академиялык кеңеш берүү, консультация жана практикалык даярдыкты уюштуруу механизми иштейт. |
| ***Стандарт 7*** | 1. ОшМУ окуу жайдын жалпы ишмердүүлүгү боюнча актуалдуу маалыматтарды коомчулукка жана бардык кызыкдар тараптарга жеткирүүдө расмий сайты, окуу жайдын өзүнүн басма со каражаты, телестудиясы иштейт.<br>2. ББП маалыматтын жеткиликтүүлүк, ачык-айкындык принциптерин камсыз кылуу үчүн атайын сайтын ишке киргизген жана атайын маалыматтык система жана портал иштейт. |

## *Сунушталган чаралар*

| ***Стандарт*** | ***Сунушталган чаралар:*** |
|---|---|
| ***Стандарт 1*** | 1. Билим берүү программасынын стратегиялык өнүгүү планын ББУнун стратегиялык өнүгүү планына шайкеш келтирип, иштеп чыгуу жараянына ички жана сырткы кызыкдар тараптарды тартуу менен кайрадан карап чыгуу;<br>2. Иш берүүчүлөр жана студенттердин арасында окуу жайдын миссиясын, стратегиялык өнүгүү паланын тааныштуруу жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;<br>3. Миссиянын жана стратегиялык өнүгүү планынын ишке ашырылуусу боюнча сапаттык көрсөткүчтөрдү так аныктап чыгуу;<br>4. Билим берүү программасынын старатегиялык өнүү планынын ишке ашыруудагы индикаторлорду так аныктап чыгуу жана алардын аткарылышы боюнча мониторинг жүргүзүү механизмдерин күчөтүү. |
| ***Стандарт 2*** | 1. Студенттерди, иш берүүчүлөрдү сапатты камсыздоо системасын өнүктүрүү жана ББПнын стратегиялык өнүгүүсү боюнча ар кандай талкууларда, тегерек столдорго катышуусунун активдүүлүгүн жогорулатуу;<br>2. Программалык деңгээлде сапатты камсыздоо боюнча иш-чаралардын планын иштеп чыгуу этабыан баштап, аларды ишке ашырууда жана бул багытта кабыл алынган чечимдер |

| | |
|---|---|
| | боюнча бардык кызыкдар тараптарга жеткирүү механизмдерин иштеп чыгуу;<br>3. Баалоонун бардык формаларынын интеграциясын камсыз кылуу багытында сапат көрсөткүчтөрүнө мониторинг жүргүзүүнү санариптештирүү;<br>4. Сурамжылоолордун жыйынтыгын жөн гана отчеттоо менен чектелбестен, аныкталган кемчиликтерди жоюу жана кызыкдар тараптардын сунуштарын ишке ашыруу үчүн конкреттүү "Жол картасын" же иш-чаралар планын иштеп чыгуу. |
| ***Стандарт 3*** | 1. Тышкы кызыкдар тараптардын муктаждыктарына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү, ББПнын окуу пландарын эмгек рыногунун талаптарына ылайыктап, зарыл болсо, окуу планына өзгөртүүлөрдү киргизүү. Мисалы практикалардын жүктөмдөрүн карап чыгып, дуалдык окутуу системасын, өндүрүштөгү насаатчы программасын ишке ашырып, аны укуктук жактан бекитип берүү (“Өндүрүштөгү насаатчы” жобосун иштеп чыгуу аны ишке ашыруу).<br>2. ББП боюнча жаңы иштелип чыккан билим берүү стандарты менен окуу жараянын алып барууда, окутуунун натыйжаларын стандартка дал келтирүү, жана ишке ашуучу, реалдуу окуу натыйжаларын иштеп чыгуу (Мисалы: 3-ОН. Сергек жашоого, жаратылышты коргоого, ресурстарды сарамжалдуу пайдаланууга зарыл болгон билимин колдоно билет, илимий изденүүчүлүк менен долбоорлордо иштөөгө, айлана-чөйрөгө таасир этүүчү химиялык препараттарга коопсуз мамиле жасоого, мүмкүн болгон тобокелчиликтерди баалоого жөндөмдүү) |
| ***Стандарт 4*** | 1. Окуу процесси негизинен кыргыз тилинде жүргүзүлгөндүктөн, кафедранын окутуучулары тарабынан багытка туура келүүчү дисциплиналар боюнча чет өлкөлүк авторлордун эмгектерин кыргыз тилине которуу, кыргыз тилинде окуу-усулдук колдонмолорду даярдоо.<br>2. Студенттердин мобилдүүлүгүн ишке ашырууда университеттин мүмкүнчүлүктөрүн толугу менен пайдалануу. |
| ***Стандарт 5*** | 1. Билим берүү программасында жаш окутуучулар жетишсиз ошондуктан жаш кадрларды даярдоо боюнча ишмердүүлүктү күчөтүү; |
| ***Стандарт 6*** | 1. Лабораториялык жабдууларды жана реактивдерди этап-этабы менен жаңылоо жана заманбап жабдуулар менен толуктоо. |

| | |
|---|---|
| | 2. Электрондук китепкананы жана эл аралык илимий маалымат базаларына жеткиликтүүлүктү кеңейтүү.<br>3. Студенттердин өз алдынча иши жана изилдөө ишмердүүлүгү үчүн коворкинг жана окуу мейкиндиктерин өнүктүрүү. |
| ***Стандарт 7*** | 1. Карьераны өнүктүрүү багытында университеттин практика жана карьера борбору менен 520100. Химия багытында билим алып жаткан студенттери, иш берүүчүлөрү жана бүтүрүүчүлөрү менен иш алып баруусун системалаштыруу;<br>2. Чет өлкөлүк ЖОЖдор жана башка билим берүү уюмдары менен коомчулукту так маалымат менен камсыз кылуу аркылуу 520100. Химия билим берүү программасынын имиджин көтөрүү максатында, программанын бардык кызыкдар тараптарынын кызматташтыгын бекемдөө;<br>3. Билим берүү кызматтарынын сапат кепилдигинин системасын жакшыртуу үчүн студенттер, иш берүүчүлөр арасында жүргүзүлгөн сурамжылоолордун, мониторингдердин жыйынтыгы боюнча түз жана кайтарым байланыш системасын жолго коюу. |

## ***Милдеттүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар***

| ***Стандарт*** | ***Милдеттүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар*** |
|---|---|
| ***Стандарт 1*** | 1. Ар бир окуу жылынын аягында ББПнын стратегиялык өнүгүү планынын аткарылышы боюнча мониторинг жүргүзүп, алынган жыйынтыктарды эске алуу менен стратегиялык өнүгүү планынын өзгөртүү зарылдыгы болсо, аны эске алуу менен кайра карап чыгуу жана иштеп чыгуу;<br>2. Билим берүү программасын өнүктүрүү боюнча стратегиялык максаттарын туруктуу баалоо жүргүзүү жана кайра карап чыгуу жараяндарында иш берүүчүүөрдү, студенттерди тартуу. |
| ***Стандарт 2*** | 1. Билим берүү программасынын стратегиялык планынын сапатты камсыздоо боюнча пункттарын ишке ашыруу үчүн окуу жараянына практикага багыттап окутуу, иш орундарында окутуу элементтерин киргизүү. Студенттерди реалдуу жумуш шарттарына даярдоо, практикалык көндүмдөрүн окуу мезгилинде калыптандырып, теория менен практиканы натыйжалуу айкалыштыруу менен практикалык жактан даяр адис катары калыптануусун камсыздоо. Иш берүүчүлөр менен |

| | |
|---|---|
| | кызматташтыкты күчөтүү менен дуалдык окутууну ишке ашыруу боюнча иштерди күчөтүү. |
| ***Стандарт 3*** | 1. 520100 Химия багыты, ал эми профиль Химиялык-экологиялык, криминалистикалык экспертиза болгондуктан 7-ОН ылайык химиялык-экологиялык багытка көңүл буруу менен окуу планына өзгөртүү киргизип, экологияга, экологиялык экспертизага тиешелүү дисциплиналарды кошуу керек;<br>2. Окуу планындагы жана силлабустардын сааттарын бири бирине шайкеш келтирип, акыркы жылдардагы басылып чыккан, учурда актуалдуу деп саналган окуу адабияттарды колдонуу. |
| ***Стандарт 4*** | 1. НББПнын түзүлүшүн, мазмунун жана окутуунун антыйжаларын профилге дал келтирип иштеп чыгуу;<br>2. Студенттердин заманбап жабдууларды иштетүү боюнча көндүмдөргө ээ болушу үчүн кафедраны заманбап материалдык-техникалык ресурстар менен камсыз кылуу;<br>3. Программага тиешелүү актуалдуу окуу материалдары, адабияттар (экологиялык, соттук, криминалистикалык экспертиза) менен камсыз кылуу. |
| ***Стандарт 5*** | 1. Профилди бекемдөө үчүн экология жана криминалистика тармагында иштеген тажрыйбалуу адис-өндүрүшчүлөрдү көбүрөөк ишке тартуу менен ПОЖдун окуу жүктөмдөрүн бирдей бөлүштүрүү мүмкүнчүлүгүн кароо;<br>2. Профилге тиешелүү кесиптик дисциплиналар окумуштуулук даражасы жок окутуучуларга жүктөлгөн, ошондуктан комиссия окуу жүктөмдөрдү бөлүштүрүүдө ушул аспектилерди эске алууну сунуштайт;<br>3. Окутуучулардын эл аралык жана ички академиялык мобилдүүлүгүн өркүндөтүү. |
| ***Стандарт 6*** | 1. Материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү жана лабораториялык жабдууларды жаңылоо боюнча узак мөөнөттүү план иштеп чыгып, аны этап-этабы менен ишке ашыруу.<br>2. Билим берүү программасы боюнча студенттердин өз алдынча окуусу жана илимий-изилдөө иши үчүн заманбап коворкинг жана окуу мейкиндиктерин уюштуруу жана толук кандуу иштөөсүн камсыз кылуу. |

| | |
|---|---|
| ***Стандарт 7*** | 1. Кызыкдар тараптар үчүн 520100. Химия багыты, химиялык-экологиялык криминалистикалык экспертиза профили тууралуу маалыматты ачык айкын, так жеткирүү стратегиясын иштеп чыгуу |

**Эксперттик комиссиянын отчету төмөнкү тиркемелерди да камтышы керек:**

**Тиркеме 1. Эксперттик комиссия мүчөлөрүнүн өмүр баяндары (био).**
**Тиркеме 2. Эксперттик комиссиянын билим берүү уюмуна болгон сапарынын программасы.**
**Тиркеме 3. Окуу жыйынтыктарынын тизмеси.**
**Тиркеме 4. Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү тарабынан анализделген документтер менен иштердин тизмеси.**

*Тиркеме 1. Эксперттик комиссия мүчөлөрүнүн өмүр баяндары (био).*

1. **Пулатова Гульнара Тулановна,** экономика илимдеринин кандидаты, доцент, Батырали Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин Окуу бөлүмүнүн башчысы, EdNet агенттигинин сапатты камсыздоо системасы боюнча эксперти;
2. **Жакшылыкова Тинатин Азискановна,** «Психология» кафедрасынын башчысы, «Ала-Тоо» эл аралык университети, улук илимий кызматкер;
3. **Хан Надежда Романовна,** философия илимдеринин кандидаты, Италиянын Рим шаарындагы Антонианум университетинин профессору, Борбор Азия өлкөлөрүн изилдөөчү “Faith and Reason” илимий институтунун эксперти;
4. **Дуйшо кызы Нуржан,** саясий илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ж. Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу Академиясынын Магистратура программасынын доценти;
5. **Койчуманова Чолпон Урушбековна,** тарых илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын мүчө-корреспонденти, И. Арабаев атындагы КМУнун Э.Ж. Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институтунун директору;
6. **Онкошова Гульнара Калмаковна,** Көп функциялуу "Гармония" коомдук бирикмесинин жетекчиси;
7. **Арынова Наргиза Сапаралиевна,** экономика илимдеринин кандидаты, Батырали Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин билим берүүнүн сапатын камсыздоо жана мониторинг бөлүмүнүн башчысы, EdNet агенттигинин сапатты камсыздоо системасы боюнча эксперти;
8. **Садырова Гулзат Камчыбековна,** К.Скрябин атындагы Кыргыз Улуттук Агрардык Университетинин Сапат, аккредитация жана лицензиялоо бөлүмүнүн башчысы. EdNet агенттигинин сапатты камсыздоо жана аккредитациялоо боюнча эксперти;
9. **Нургалиева Алмагуль Шаймуратовна,** экономика илимдеринин кандидаты, профессор, С. Сейфуллин атындагы Казак агротехникалык изилдөө университетинин академиялык маселелер боюнча департаментинин директорунун орун басары;
10. **Нарынгуль Маргазиева,** PhD, доценттин милдетин аткаруучу, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин туризм факультетинин деканынын орун басары;
11. **Мусабекова Зинат Ракымовна,** химия илимдеринин кандидаты, доцент, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин химия жана химиялык технология факультетинин ЮНЕСКО физикалык жана коллоиддик химия кафедрасынын башчысы;
12. **Шаршеев Эрмек Сабырович,** техникалык илимдердин кандидаты, доцент, Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин Архитектура, дизайн жана курулуш факультетинин «Экология жана өзгөчө кырдаалдарда коргонуу» кафедрасынын доценти;
13. **Сулайманова Майрамгул Азизбековна,** А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин «Химия» багыты боюнча ТТГФ тобунун 4-курс студенти.

*Тиркеме 2. Эксперттик комиссиянын билим берүү уюмуна болгон сапарынын программасы.*

**КЛАСТЕР 2 – жогорку билим деңгээли**

**Образовательная организация:** Ошский Государственный Университет
**Аккредитуемые программы: Кластер 2-**580700 Управление бизнесом (бак), 620001 Прикладная геодезия (спец), 600200 Туризм (бак), 520100 Химия (бак)
**Адрес:** Кыргызская Республика, 723500, г. Ош, ОшГУ, ул. Ленина, 331
**Дата:** 06-07 апреля 2026 г.

**КЛАСТЕР 2 – уровень ВПО**

| Время | Мероприятие | Участники | Ауд |
|---|---|---|---|
| **06 апреля 2026 г.** | | | |
| 08.30 - 08.50 | Сбор в главном корпусе | *Экспертная комиссия* | |
| 09.00 - 09.25 | Встреча с ректором ОшГУ *Совместная встреча с экспертными комиссиями всех кластеров)* | *Список респондентов указан в Приложении 1* | |
| 09.30- 10.00 | Встреча с АУП (проректора, департамент качества, Ассоциация выпускников, центр карьеры и трудоустройства) | *Приложение 1* | |
| 10.30-11.00 | Интервью с рабочей группой ОП Химия, включая руководителя программы | *Приложение 1* | |
| 11.05-12.05 | Интервью с рабочей группой ОП Управление бизнесом, руководителя программы | | |
| **12.05 – 13.00** | **Обед** | | |
| 13.05-13.35 | Интервью с рабочей группой ОП Туризм, включая руководителя программы | | |
| 13.35-14.05 | Интервью с рабочей группой ОП Прикладная геодезия, включая руководителя программы | | |
| 14.10-15.10 | Интервью с ППС программ: Туризм и Управление бизнесом | *Приложение 1* | |
| 15.15-16.15 | Интервью с ППС программ: Прикладная геодезия и Химия | *Приложение 1* | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 16.15-17.00 | Подведение итогов первого дня | | |
| 17.00-18.00 | Обзор инфраструктуры | | |
| **07 апреля 2026** | | | |
| **08.45** | **Сбор в вузе** | | |
| 10.05-11.05 | Интервью со студентами программ: Прикладная геодезия и Химия | | |
| 11.10-11.40 | Интервью с представителями доп. служб (*при запросе комиссии*) | | |
| 11.40 – 12.00 | Посещение занятий всех программ | | |
| **12.00-13.00** | **Обед** | | |
| 13.05 - 14.15 | Интервью с выпускниками всех образовательных программ | *Приложение 1* | |
| 14.20 – 15.20 | Интервью с работодателями всех образовательных программ | *Приложение 1* | |
| **15.30 -17.00** | Закрытое обсуждение экспертной комиссии о результатах визита | ***Экспертная комиссия*** | |
| 17.00 -17.40<br>**Время может сдвинуться в зависимости от расположения комиссий** | Обсуждение результатов визита экспертных комиссий всех Кластеров с ректором и руководителями всех образовательных программ | Руководство вуза и руководители образовательных программ | |

*Тиркеме 3. Окуу жыйынтыктарынын тизмеси.*

| |
|---|
| 1-ОН. Гуманитардык,  математикалык, табийгый багыттагы билимдердин базасына ээ болуп, курчап турган дүйнөнүн бүтүндүгүн түшүнөт,  ал билимдерин кесиптик ишмердүүлүгүндө колдонуу менен уюштуруучулука жана толеранттуулука жөндөмдүү. |
| 2-ОН. Кабыл алынган маалыматтарды  анализдеп, өз оюн оозеки, жазуу жүзүндө аргументтештирип,  мамлекеттик жана расмий тилдерде ачык билдире алат, маалыматтарды компьютерде кайра иштеп чыгуу каражаттарын, ыкмаларын, методдорун билет. |
| 3-ОН. Сергек жашоого, жаратылышты коргоого, ресурстарды сарамжалдуу пайдаланууга зарыл болгон билимин колдоно билет, илимий изденүүчүлүк менен долбоорлордо иштөөгө, айлана-чөйрөгө таасир этүүчү химиялык препараттарга коопсуз мамиле жасоого, мүмкүн болгон тобокелчиликтерди баалоого жөндөмдүү. |
| 4-ОН. Химия боюнча фундаменталдык билимге ээ болуп, кесиптин маңызын, окутуу процессинин негиздерин билет жана химиялык өндүрүштөрдүн натыйжаларын талдоо аркылуу илимий изденүүчүлүк менен кесиптик ишмердүүлүгүндө колдоно алат. |
| 5-ОН. Сапаттын кепилдигин камсыздоону, мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошууну билет, заттардын касиеттерин, сапаттык, сандык  анализдөөнүн методдорун, андагы эсептөөлөрдү, процесстердин энергетикасын, кинетикасын түшүнөт жана уулуу заттарды аныктоо менен зыянсыздандырууга жөндөмдүү. |
| 6-ОН. Химиялык-экологиялык-криминалистикалык экспертизаларды жүргүзүүгө, алардын натыйжаларын документтештирүүгө, этикалык, укуктук нормаларды сактоого, укук бузууларды алдын алууга жана дүйнөлүк деңгээлге интеграцияланган жогорку квалификациялуу адис болууга жөндөмдүү. |

***Тиркеме 4. Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү тарабынан анализделген документтер менен иштердин тизмеси.***

1. 520100 Химия багытынын Химиялык-экологиялык, криминалистикалык экспертиза профилинин (бакалавр) негизги билим берүү программасы КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан берилген лицензия
2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 21-сентябрындагы № 1578/1 "Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын бекитүү жөнүндө" буйругу.
3. Жогорку кесиптик билим берүү багытынын мамлекеттик билим берүү стандарты
4. ББП негизги документтери
5. ББП нын стратегиялык камсыздалышы боюнча документтер
6. СКС боюнча документтер
7. Окутуучулар жана студенттер үчүн колдонмо
8. Ош мамлекеттик университетинин тышкы жана ички байланыштары
9. Химия программасы боюнча эксперименталдык окуу планы (2025-2026 окуу жылына)
10. Химия программасы боюнча эксперименталдык окуу планы (2024-2025; 2023-2024 окуу жылдарына)
11. 2025-2026- окуу жылы үчүн пландаштырылган ОМК, кафедранын отурумдарынын планы, жыйналыштардын протоколдору.
12. Тандоо курстарынын каталогу
13. Химия жана химиялык технологиялар кафедрасынын окутуучуларынын окуу программалары (силлабустар)
14. Штаттык жадыбал (2025-26 , 2024-25, 2023-24, 2023-22 окуу ж. профессордук-окутуучулук курам жөнүндөгү маалыматтар)
15. Профессордук -окуутуучулук курамдын резюмелери
16. 520100-Химия багыты боюнча билим берүү үчүн лабораториялык -техникалык база
17. Практикаларды өткөрүү үчүн зарыл болгон ишканалар, мекемелер менен түзүлгөн келишимдер
18. “Окутуучу студенттин көзү менен” сурамжылоонун жыйынтыктары
19. Стейкхолдерлердин сурамжылоосунун жыйынтыктары
20. Стейкхолдерлердин сурамжылоосунун анализи
21. Ата-энелердин анкетасы
22. Химия жана химиялык технологиялар кафедрасынын окутуучулары үчүн кесиптик өнүгүү боюнча документтер (сертификаттар, дипломдор)
23. Квалификациялык жумуштар, антиплагиаттардын жыйынтыктары, практиканын күндөлүгү
24. 520100-Химия багытынын студенттери үчүн мамлекеттик экзамендин суроолору

2025-2026-окуу жылы үчүн

25. Студенттердин мобилдүүлүгү боюнча маалымат
26. Студенттин жекелештирилген билим берүү планы
27. Студеннтердин жетишкендиктеринин көрсөткүчтөрү
28. Химия жанан химиялык технология кафедрасынын сайты.
29. 520100 Химия. Өздүк отчет (2026-ж.)